ISSN 1694–5425

# содержание
# мазмуну

## Авторы
## Авторлору



**Валерий ДИЛЬ,**
вице-премьер-министр КР
КР вице-премьер-министри



**Санжар МУКАНБЕТОВ,**
заместитель министра экономики КР
КР Экономика министринин орун басары



**Актилек ТУНГАТАРОВ,**
исполнительный директор МДС
ЭИКтин аткаруучу директору



**Асель АРСТАНБЕКОВА,**
директор Агентства корпоративного развития «КСО Централ Азия»
«Борбор Азия КСЖ» Корпоративдик өнүктүрүү агенттигинин башкаруучу директору



**Санжар ДАВЛЕТОВ,**
генеральный директор строительной компании Premium Development
Premium Development курулуш компаниясынын башкы директору:



**Эдуард КУБАТОВ,**
глава филиала Robust Resources в Кыргызстане
Кыргызстандагы Robust Resources филиалынын башчысы



**Эмиль УМЕТАЛИЕВ,**
президент компании Kyrgyz Concept
Kyrgyz Concept аттуу компаниясынын президенти



**Фархад ПАКЫРОВ,**
менеджер по инвестициям Ассоциации молодых предпринимателей «ЖИА»
«ЖИА» жаш ишкерлер ассоциациясынын инвестициялар боюнча менеджери


Приток частного капитала повысит экономические возможности страны
Тике чет өлкөлүк инвестициялар өлкөнүн экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатат . . . 3

Валерий Диль
Защита права собственности, привлечение инвестиций – приоритеты правительства
Менчик укуктарын коргоо, тике инвестицияларды тартуу – өкмөттүн негизги багыттары . . . 8

Таможенный союз: Этапы формирования
Бажы биримдиги: түзүүнүн этаптары . . . 13

Санжар Муканбетов
Инвестицияларды тартуу боюнча мамлекеттин саясатынын жаңы багыттары
Новые направления политики государства по привлечению инвестиций . . . 19

Актилек Тунгатаров
Как стране добиться процветания, или Куда идти дальше?
Өлкөнүн гүлдөп-өсүшүнө кантип жетишүүгө болот, же Андан ары кайда баруу керек? . . . 21

Самая динамичная, но проблемная отрасль экономики Кыргызстана
Кыргызстандын экономикасынын өтө динамикалуу, бирок көйгөйлүү тармагы . . . 27

Санжар Давлетов
Нельзя в нашем бизнесе сидеть и ждать, потому что строительный рынок чувствителен ко всяким изменениям
Биздин бизнесте күткөнгө болбойт, анткени курулуш рыногу ар кандай өзгөрүүлөргө сезимтал келет . . . 29

Эдуард Кубатов
От инвестиционной риторики - к практическим решениям
Инвестициялык риторикадан – практикалык чечимдерге карай . . . 32

Стратегия определила возможности горнодобывающей отрасли
Стратегия тоо-кен тармагынын мүмкүнчүлүктөрүн аныктады . . . 35

Эрнис Мамырканов
Цифровое будущее Кыргызстана
Кыргызстандын санариптик келечеги . . . 39

Асель Арстанбекова
КСО – зона интересов бизнеса и общества
КСЖ – бизнестин жана коомдун кызыкчылыктарынын зонасы . . . 43

«Мега Билим» – общественно значимый проект
«Мега Билим» – бул коомдук маанилүү долбоор . . . 46

Эмиль Уметалиев
Необходимо построить систему полного доверия между властью и народом
Эл менен бийликтин ортосундагы толук ишеним куруу системасына өтүшүбүз керек . . . 48

Фархад Пакыров
Успешный предприниматель - сильная страна
Ийгиликтүү ишкер – күчтүү өлкө . . . 51

Регионы Кыргызстана
Кыргызстандын региондору . . . 54

Политика открытого неба:
Готов ли Кыргызстан к либерализации воздушного пространства?
Ачык асман саясаты:
ыргызстан аба мейкиндигин либералдоого даярбы? . . . 61














## Дорогие читатели!

Этот выпуск журнала мы посвящаем повышению информированности кыргызскоязычных СМИ о состоянии инвестиционного климата и бизнес-среды в Кыргызстане. Поэтому мы выпустили наш журнал на русском и кыргызском языках.

Привлечение инвестиций – одно из приоритетных направлений экономической политики Кыргызстана, и правительство предпринимает меры по улучшению правовой среды и условий ведения бизнеса в стране. Однако в последние годы все чаще происходят конфликты между населением и инвесторами, особенно в регионах. Недоверие населения к инвесторам иногда перерастает в массовые протесты, которые наносят большой материальный ущерб не только бизнесу, но и стране в целом.

Одна из причин конфликтных ситуаций - это информационный вакуум, который способствует накоплению в обществе слухов и необоснованных страхов. Мы считаем, что необходимо вести масштабные разъяснительные работы среди населения, особенно в регионах, где основной язык общения - кыргызский, и важная роль в этом принадлежит средствам массовой информации.

В рамках проекта USAID РЕФОРМА мы провели ряд пресс-кафе и круглых столов в Бишкеке и в регионах страны. Кроме того, мы выпустили учебное пособие по экономической журналистике на кыргызском языке. Это пособие мы распространим бесплатно по всем регионам страны.

Надеемся, что мы не только помогаем журналистам повысить свой профессиональный уровень, но и вносим свой вклад в развитие государственного языка.

**Международный деловой совет**

## Кымбаттуу окурмандар!

Бул журналдын чыгарылышын биз Кыргызстандагы инвестициялык климаттын абалы жана бизнес-чөйрөсү жөнүндө кыргыз тилдүү ЖМКлардын маалымдуулугун жогорулатууга арнайбыз. Ошондуктан биз журналды кыргыз жана орус тилдеринде чыгардык.

Инвестицияларды тартуу – Кыргызстандын экономикалык саясатынын артыкчылыктуу багыттарынын бири, жана өкмөт өлкөдөгү укук чөйрөсүн жана бизнести жүргүзүүнүн шарттарын жакшыртуу боюнча чараларды көрүп жатат. Бирок акыркы жылдары, өзгөчө региондордо, эл менен инвесторлордун ортосунда чыр-чатактар тез-тез болуп жатат. Элдин инвесторлорго ишеним көрсөтпөгөндүгү кээде массалык нааразылык көрсөтүүгө айланып, бизнеске гана эмес, бүтүндөй өлкөгө чоң материалдык зыян алып келип жатат.

Чыр-чатактуу жагдайлардын себептеринин бири – бул маалыматтык боштук, ал коомдо ушак-айыңдардын жана негизсиз коркуулардын топтолушуна өбөлгө түзөт. Ошондуктан эл арасында, өзгөчө негизги баарлашуу тили кыргыз тили болгон региондордо кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүү зарыл, жана бул жерде маанилүү роль жалпыга маалымдоо каражаттарына таандык деп эсептейбиз.

USAID РЕФОРМА долбоорунун алкагында биз Бишкекте жана өлкөнүн региондорунда бир катар пресс-кафелерди жана тегерек столдорду өткөрдүк. Андан сырткары, биз экономикалык журналистика боюнча окуу куралын кыргыз тилинде басып чыгардык. Бул окуу куралын биз өлкөнүн бардык региондоруна акысыз таратабыз.

Биз журналисттердин өздөрүнүн кесипкөйлүк деңгээлин жогорулатууга гана жардам бербестен, мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө да өз салымыбызды кошоорубузга ишенебиз.

**Эл Аралык Ишкерлер Кеңеши**




**Редактор**
**Лидия Савина**

**Редактору**
**Лидия Савина**

lidia@ibc.kg
Tel.: +996 (312) 623801

Журнал «Инвестиции сегодня» издается МДС. Распространяется бесплатно. Авторское право МДС – 2005.
Журнал ЭИК тарабынан басылып чыгат. Акысыз таратылат. ЭИКтин автордук укугу 2005

Отпечатано в типографии "Continent Print"
"Continent Print" ЖЧКсынын басмаканасында басылып чыкты

Фотограф Максим Шубович
Сүрөтчүсү Максим Шубович

Снимки также предоставлены авторами журнала
Сүрөттөрү да журналдын авторлору тарабынан берилди

# Приток частного капитала повысит экономические возможности страны

# Тике чет өлкөлүк инвестициялар өлкөнүн экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатат

**Прямые иностранные инвестиции – это уникальный вид инвестиций, который способствует притоку новых технологических решений, повышению производительности труда и росту экспортных возможностей.**

Привлечение прямых иностранных инвестиций в экономику республики является одним из приоритетных направлений экономической политики правительства Кыргызстана. Министерство экономики КР, как уполномоченный орган по ведению инвестиционной политики, предпринимает меры по улучшению правовой среды и условий ведения бизнеса.

В Кыргызстане создан наиболее либеральный налоговый режим в регионе. Ставки налога на прибыль, подоходный налог и НДС выгодно отличаются от аналогичных ставок в Казахстане, Таджикистане, Узбекистане и Китае.

Принят Закон о государственно-частном партнерстве, который открывает большие перспективы для привлечения частных инвестиций в крупные социальные проекты. Механизмы государственно-частного партнерства зарекомендовали себя как удобные решения для финансирования крупных проектов и эффективного сотрудничества государства с предпринимателями.

Для обеспечения защиты инвесторов от рисков, связанных с изменениями законодательства КР, внесены изменения в Закон КР «Об инвестициях». Так называемый «режим стабилизации», широко применяемый в мировой практике, создает инвесторам стабильные условия деятельности.

Количество лицензируемых видов деятельности сокращено более чем в два раза. внедрена выгодная для предпринимателей норма «молчание – знак согласия».

Для адресной работы по продвижению инвестиций и увеличения притока иностранных инвестиций в экономику страны создано Агентство по продвижению инвестиций.

По своему характеру ПИИ – это приток частного капитала в страну, и в отличие от других видов международного финансирования осуществляется без дополнительных гарантий страны-реципи-


**Тике чет өлкөлүк инвестициялар – бул инвестициянын уникалдуу түрү, ал жаңы технологиялык чечимдердин келишине, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга жана экспорттун мүмкүнчүлүгүнүн өсүшүнө түртку берет.**

Республиканын экономикасына тике чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн экономикалык саясатынын приоритеттүү багыттарынын бири болуп саналат.

Инвестициялык саясат жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктуу орган катары, министрлик тарабынан укуктук чөйрөнү жана бизнес жүргүзүү шарттарын жакшыртуу боюнча чаралар көрүлүп жатат.

Ошентип мамлекетибизде эң либералдуу салык режими түзүлгөн. Пайда салыгынын, киреше салыгынын жана КНСтин чендери Казакстандагы, Тажикстандагы, Өзбекстандагы жана Кытайдагы бирдей чендеринен бир топ айырмаланат.

Биз мамлекеттик жеке өнөктөштүк жөнүндө мыйзам кабыл алдык, ал чоң социалдык мааниси бар ири долбоорлорго жеке инвестицияларды тартууга чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Мамлекеттик жеке өнөктөштүк механизмдери ири долбоорлорду каржылоодо жана мамлекет менен ишкерлердин




Улуттук статистика комитетинин, УБКРдин, КРЭМдин маалыматтары
Данные: НСК КР, НБКР, МЭ КР

Поступление прямых иностранных инвестиций в Кыргызскую Республику за 2007-2013 гг. (в миллионах долларов США).Отношение ПИИ к ВВП за 2007-2013гг. (в процентах). 2007–2013-ж. ичинде Кыргыз Республикасына тике инвестициялардын келиши (миллион АКШ доллары) . Тике инвестициялардын (Ти) ички дүң продуктуга (ид П) болгон катнашы, 2007–2013-ж. (пайыз менен)

ента. Таким образом, ПИИ чутко реагируют на малейшие сигналы неопределенности и нестабильности в экономике.

По итогам 2013 года приток ПИИ в Кыргызской Республике максимально приблизился к рубежу в 1 млрд. долл. ($993 млн.).

### Приток инвестиций за 2007-2013 годы

Развивающимся странам сложнее создать привлекательный инвестиционный климат по ряду причин, в том числе в связи с неразвитостью рынка, отсутствием качественной инфраструктуры, высоким уровнем коррупции, политической нестабильностью, низким уровнем защиты прав собственности, несовершенной судебной системой и др.

Несмотря на рост поступления ПИИ, с 2009 года, наблюдается снижение соотношения прямых иностранных инвестиций к ВВП страны. Если в 2009 году этот показатель составлял 14,1%, то в 2012 году всего 8,9%, что говорит о несоразмерном отставании темпов роста притока инвестиций от роста экономики.

К примеру, приток ПИИ к ВВП в 2012 году в Сингапуре составил 20,6%, а в Гонконге 28,3%.


натыйжалуу кызматташтыгы үчүн ыңгайлуу чечим катары өзүн көрсөтө алды.

Кыргыз Республикасынын «Инвестиция жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилип жатат, анын максаты болуп инвесторлорду КРнын мыйзамдарынын өзгөрүүсү менен байланышкан тобокелдерден коргоо саналат. Инвесторлорго туруктуу иштөө шарттарын түзүп берүү үчүн «турукташтыруу режими» дүйнөлүк тажрыйбада кеңири колдонулуп жатат.

Лицензиялоого жаңы ыкмаларды киргизүүнүн эсебинен, лицензияланган иштин түрлөрүнүн саны 236дан 101ге чейин эки эсе кыскарган. Ишкерлерге пайдалуу болгон «унчукпагандык-макулдуктун белгиси».

Мамлекеттин экономикасына инвестицияларды тартуу жана чет элдик инвестициялардын келишин активдештирүү боюнча даректүү иштер үчүн инвестицияларды алга жылдыруу агентствосу түзүлдү.

ТЧИ өзүнүн мүнөзү боюнча мамлекетке жеке капиталдын кириши жана ошондой эле башка эл аралык каржылоо түрлөрүнөн айырмаланып реципиентмамлекетинин кошумча кепилдиги жок эле ашырылат.




Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча
Данные: НСК КР

2007–2013-ж. экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча тике инвестициялардын келүү структурасы

Структура поступления ПИИ по видам экономичемкой деятельности за 2007-2013 гг.

### Поступление прямых иностранных инвестиций по видам экономической деятельности за 2007-2013 гг.

С 2007 по 2013 год в обрабатывающую промышленность и на операции с недвижимым имуществом, аренду и предоставление услуг потребителям приходилось в среднем 65% всех поступлений. Доля обрабатывающей промышленности составила в среднем 38,2%, что объясняется большой долей вложения в деятельность «Кумтор Оперейтинг Компани».

При этом по видам деятельности, объединенным категорией «Сельское хозяйство, охота и лесное хозяйство», в среднем поступало 0,2% всех инвестиций.


При этом сельское хозяйство является важной отраслью экономики Кыргызстана, так как в нем занято около трети

2013-жылдын жыйынтыгы боюнча КРна ТЧИнин келиши $1 млрд. чегине максималдуу жакындады.

Улуттук статистика комитетинин алдын ала берген маалыматы боюнча ТЧИнин келиши $993 млн. түздү.

### 2007–2013-ж. инвестициялардын келиши

Өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө жагымдуу инвестициялык климат түзүү кыйыныраак болот, анткени алар бир нече себептер менен байланыштуу, алар: рыноктун өнүкпөгөндүгү, сапаттуу инфраструктуранын жокутугу, жогорку деңгээлдеги коррупция, саясатта стабилдүүлүктүн жоктугу, жеке менчикти коргоо деңгээлинин төмөндүгү, сот системасындагы кемчиликтер.




Улуттук статистика комитетинин маалыматы
Данные: НСК КР

Структура поступления ПИИ по видам деятельности за 2013 год (в процентах)

2013-ж. экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча тике инвестициялардын келүү структурасы (пайыз менен)

трудоспособного населения страны. При стабильном росте поступлений ПИИ в абсолютном выражении перед Кыргызстаеом встает вопрос о привлечении «качественных» инвестиций, использование которых способствует притоку новых технологических решений, повышению эффективности использования ресурсов и обеспечит дополнительный импульс для развития, стимулируя сопутствующие отрасли.

## Поступление прямых иностранных инвестиций по регионам за 2007-2013 гг.

Структура поступления ПИИ по регионам отражает неравномерное развитие регионов страны. В общем объеме наибольший удельный вес ПИИ приходится на г. Бишкек –с 2007 по 2013 гг. средняя доля достигла 45,6%, в Иссык-Кульскую область поступило 21,2%, Чуйскую область –14,1%. Отмечаются очень малые доли в Баткенской и Нарынской областях и г. Оше.

В структуре ПИИ основная часть направляется в северную часть страны, концентрируясь в основном в Бишкеке и Чуйской области. Неравномерное развитие регионов приводит к различным последствиям социально-экономического характера, включая усиление как внутренних, так и внешних миграционных процессов.


2009-жылдан баштап чет өлкөлөрдөн келген тике инвестициялардын көлөмүнүн өсүшүнө карабастан, мамлекеттин ИДПсына болгон тике инвестициялардын катнашынын көрсөткүчтөрү төмөндөгөнү байкалууда. Эгерде бул көрсөткүч 2009-жылы 14,1% түзсө, 2012-жылы 8,9% гана түзүп, инвестициялардын өсүү темпи экономиканын өсүү темпинен алда канча артта калып жатканын далилдеп турат.

Мисалы 2012-жылы ТИнин ИДПга болгон катнашынын көрсөткүчү Сингапурда 20,6% түзүп, ал эми Гонконгдо 28,3% түзгөн.

## 2007–2013-ж. Ичинде экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча чет өлкөлүк тике инвестициялардын келиши

2007-жылдан 2013-жылга чейин кайра иштетүүчү өнөр жай, кыймылсыз мүлк менен болгон операциялар, ижарага берүү жана керектөөчүлөргө кызмат көрсөтүүлөр орто эсеп менен бардык келүүлөрдүн 65% түздү. 2007–2013-ж. ичинде иштеп чыгаруучу өнөр жайдын орточо үлүшү 38,2% түздү, бул «Кумтөр» компаниясынын ишине чоң үлүш салгандыгы менен түшүндүрүлөт.

«Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба» категориялары менен бириккен ишмердүүлүктүн түрлөрүнө 2007-жылдан




Улуттук статистика комитетинин маалыматы
Данные: НСК КР

2007-2013-ж. Кыргыз Республикасына аймактар боюнча тике инвестициялардын келүү структурасы

Структура поступления прямых иностранных инвестиций в Кыргызскую Республику за 2007-2013 гг. по регионам

## Поступление прямых иностранных инвестиций по источникам за 2007-2013 гг.

С 2007 по 2013 годы наблюдается тенденция роста доли инвестиций, поступивших из стран вне СНГ. Так, если на страны вне СНГ с 2007 по 2009 годы приходилось в среднем 56,2% от всех поступивших инвестиций, то с 2010 по 2013 год в среднем - 87,8%, достигнув 94,92% в 2011 году.

Наблюдается последовательный стабильный рост доли инвестиций из Китая. Если в 2007 доля ПИИ из КНР составляла только 6,6%, то в 2013 году этот показатель составил 45%.

На 10 крупных стран-инвесторов по итогам 2013 года приходилось 92% всех поступлений прямых инвестиций. Поступления из Китая и Канады составили 61% всего объема ПИИ.

Согласно отчету Конференции по торговле и инвестициям (ЮНКТАД), принятие решений об инвестировании определяется на основе экономических факторов.

### Поиск рынков

Объективным фактором, препятствующим притоку иностранных инвестиций, является малый объем потребительского рынка в совокупности с относительно низкой покупательской способностью. Присоединение к Таможенному союзу открывает для потенциальных инвесторов в Кыргызстане огромный рынок с населением в 175 млн. человек.

### Поиск активов

Глобальный спрос на ресурсы – минеральное сырье, сельскохозяйственную продукцию сохранит тенденции роста при ограниченном предложении. Богатые залежи полезных ископаемых, большие возможности для производства качественной продукции сельского хозяйства в Кыргызстане будут способствовать притоку инвестиций в среднесрочной и долгосрочной перспективе.

В Кыргызстане имеются месторождения более 25 видов полезных ископаемых (черных, цветных, драгоценных металлов, нефти, газа и других). На территории республики зарегистрировано 118 проявлений и месторождений ювелирных камней, около 70 месторождений и проявлений угля.

По гидроресурсам республика занимает третье место среди стран СНГ после России и Таджикистана. Освоение богатейшего гидроэнергетического потенциала, составляющего 143 миллиарда кВт.ч/год, является основой стратегии развития энергетики республики. Только на реке Нарын и ее притоках можно построить 22 гидроэлектростанции с ежегодной выработкой электроэнергии более 30 миллиардов кВт.ч.

### Проблемы

Политическая стабильность и практика качественного независимого судопроизводства являются ключевыми составляющими инвестиционного климата страны. Однако в Кыргызстане все еще широко используются формы несанкционированных публичных выступлений. Согласно данным МВД, в 2013 году прошло 849 митингов, пикетов и других протестных акций, и 22 раза были перекрыты дороги. В связи с процессами глобализации, в том числе и на рынках

2013-жылга чейин бардык инвестициялардан орточо 0,2% түшкөн.

Ал эми айыл чарба кыргыз экономикасында маанилүү тармак болуп саналат жана анда мамлекеттин элинини үчтөн бири эмгектенет. Тике инвестициялар абсолюттук өлчөмдө туруктуу жогорулап жатканда Кыргыз Республикасынын алдында «сапаттуу» инвестицияларды тартуу маселеси турат. «Сапаттуу» инвестициялардын колдонулушу жаңы технологиялык чечимдердин келүүсүн, ресурстарды колдонуудагы эффективдүүлүкү жогорулатууну жана туташ тармактарга демилге болуп, өнүгүүгө кошумча импульсту камсыздайт.

## 2007–2013-ж. Ичинде аймактар боюнча тике инвестициялардын келиши

Аймактар боюнча тике инвестициялардын келүү структурасы мамлекеттин аймактарынын бирдей эмес өнүгүп жаткандыгын көрсөтөт. 2007-жылдан баштап 2013-жылга чейин инвестициялардын жалпы көлөмүнөн Бишкек шаарына келген инвестициялардын үлүшү эң чоң болуп орто эсеп менен 45,6%, Ысык-Көл облусунда – 21,2%, Чүй облусунда – 14,1% түзгөн. Эң аз көлөмдө инвестициялардын түшүүсү Баткен, Нарын жана Ош шаарында байкалууда.

Чет өлкөлүк ТИ структурасында салымдардын көбүнчөсү өлкөнүн түндүк аймактарына келип, негизинен Бишкек шаарында жана Чүй облусунда топтолгон. Аймактардын бирдей эмес өнүгүүсү ички жана тышкы миграция процесстеринин күчөөсүн кошкондо, ар кандай социалдык-экономикалык мүнөздөгү көрүнүштөргө алып келүүдө.

## 2007–2013-ж. чет өлкөлүк тике инвестициялардын инвестиция булактары боюнча келиши

2007-жылдан 2013-жылга чейин КМШ өлкөлөрүнөн башка чет өлкөлөрдөн инвестициялардын келишинин өсүү тенденциясы байкалууда. Эгерде 2007-жылдан 2009-жылга чейин КМШ өлкөлөрүнөн башка чет өлкөлөрдөн келген инвестициялар орто эсеп менен 56,2% түзсө, 2011-жылы 94,92% чейин жетип, 2010-жылдан 2013-жылга чейин бул көрсөткүч 87,8% чейин жеткен. Кытай Эл Республикасынан (КЭР) келген инвестициялардын көлөмү жылдан жылга ыраатту туруктуу түрдө жогорулашы байкалууда. Эгерде 2007-жылы КЭРден түшкөн тике инвестициялардын үлүшү 6,6% гана түзсө, 2013-жылы бул көрсөткүч 45% түзгөн.

### Көйгөйлөр

Мамлекеттин инвестициялык климатынын негизги түзүүчүсү болуп саясаттын туруктуулугу жана сапаттуу көз карандысыз сот жүргүзүү тажрыйбасы эсептелет. Бирок Кыргыз Республикасында санкцияланбаган чыгыштардын формалары дагы да болсо кеңири колдонулат. ИИМ маалыматтарына ылайык өлкөнүн аймактарында 2013-жылда 849 митинг, пикет жана башка каршы акциялар өткөн жана 22 жолу жолдорду тосуу.

Глобализация процессине анын ичинде капитал рыногуна байланыштуу ички саясаттын толкундоолорунун натыйжасы мамлекеттин имиджине терстаасирин тийгизип, Кыргызстан менен байланышкан бардык капиталдык салымдарга коркунуч деңгээлин жогорулатууга алып келет.

капиталов, эффекты от подобных внутренних политических потрясений негативно сказываются на имидже страны и ведут к повышению уровня риска всех капиталовложений, связанных с Кыргызстаном.

Местное население выступает против разработки 27 месторождений, 24 из них – золоторудные. Такие данные приводят в Госагентстве по геологии и минеральным ресурсам.

## Меры по привлечению инвестиций:

Для привлечения ПИИ предлагается реализация следующих мер.

### Создание Агентства по продвижению инвестиций

Основной задачей Агентства будет сопровождение потенциальных инвестиционных проектов в приоритетных отраслях, а также выявление и устранение барьеров на пути инвестиций путем эффективного сотрудничества с другими правительственными органами по конкретным проектам.

### Учреждение института бизнес-омбудсмена

Уполномоченный по защите прав предпринимателей – это квалифицированный специалист при местных областных администрациях, который будет содействовать бизнесу, решая проблемы предпринимателей, такие, как коррупция на местах, рейдерство, монополизм. Бизнес-омбудсмен будет контролировать соблюдение прав и интересов предпринимателей органами исполнительной власти, тесно взаимодействовать с предпринимательским сообществом, участвовать в формировании государственной политики в сфере развития бизнеса.

### Усиление роли глав местных администраций

Главы местных администраций и органов местного самоуправления должны полностью нести персональную ответственность за проявление негативных тенденций развития.

Зачастую отсутствие профилактических мер, а нередко и попустительство местных органов власти и порождает различного рода локальные конфликты. Для глав местной власти должны быть установлены четкие показатели развития как количество созданных новых рабочих мест, объем привлеченных инвестиций, снижение уровня внутренней и внешней миграции и другие реальные индикаторы.

### Внедрение режима стабилизации для инвесторов

Министерством разработаны проекты изменений в нормативные правовые акты, направленные на предоставление права выбора для инвестора того налогового и таможенного режима, при котором он начал вести свою деятельность. Данное право будет предоставлено на срок до 10 лет инвесторам, отвечающим требованиям по объему инвестиций.

## Инвестицияларды тартуу боюнча чаралар

### Инвестицияларды алга жылдыруу агенттигин түзүү

Инвестицияларды алга жылдыруу агенттигин түзүү бул конкреттүү даректүү инвесторлор менен ишин активдештирүүгө жана Кыргыз Республикасынын экономикасына инвестициялардын келишин көбөйтүүгө маанилүү чара болот, анын негизги максаты болуп приоритеттүү тармактардагы потенциялдык инвестициялык долбоорлорду коштоп жүрүү жана аны менен бирге конкреттүү долбоорлор боюнча башка өкмөттүк органдар менен бирге натыйжалуу кызматташуу жолу аркылуу инвестициянын жолундагы тоскоолдуктарды табуу жана четтетүү саналат.

### Бизнес омбудсмен институтун түзүү

Ишкерлердин укугун коргоо боюнча ыйгарым у куктуу өкүл – бул жергиликтүү облустук администрацияга караштуу атайын адис, ал бизнеске колдоо көрсөтүп, ишкерлердин жер жерлердеги коррупция, рейдерлик, монополизм сыяктуу көйгөйлөрдү чечет. Бизнес омбудсмен аткаруу бийлигинин органдары менен жеке ишкерлердин кызыкчылыктарын жана укуктарын сактоону көзөмөлдөйт, жеке ишкердик коом менен өз ара тыгыз байланышып, бизнести өнүктүрүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты түзүүгө катышат ж. б.

### Жергиликтүү администрация башчыларынын ролун жогорулатуу

Жергиликтүү администрация башчылары жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары өнүгүүдө негативдик тенденциялардын байкалуусуна толук персоналдык жоопкерчилик алыш керек.

Көпчүлүк учурда профилактикалык чаралардын жоктугу, кээде жергиликтүү бийлик органдардын кылмышка жол берүүсү ар кандай локалдык кагылышууларды жаратууда. Жергиликтүү бийлик башчылары үчүн жаңы жумушчу орундардын саны, келген инвестициялардын көлөмү, тышкы жана ички миграциянын деңгээлин төмөндөтүү жана башка реалдуу индикаторлор сыяктуу өнүгүүнүн так көрсөткүчтөрү белгилениши зарыл.

### Инвесторлор үчүн турукташтыруу режимин жайылтуу

Инвестициялык мыйзамдарды жакшыртуу боюнча ведомство аралык топтун ишинин алкагында министрлик тарабынан ЧУАны өзгөртүү долбоорлору иштелип чыкты, ал инвесторлорго өздөрүнүн ишин баштагандагы салык же бажы режимин тандап алууга укук берет. Бул укук инвестициянын көлөмү боюнча талаптарга жооп берген инвесторлорго 10 жылга чейин берилет.

***Материал подготовлен Министерством экономики КР***

***Бул материал КРнын Экономика министрлеги тарабынан даярдалган***

# Валерий ДИЛЬ:

# Защита права собственности,

## привлечение инвестиций – приоритеты правительства

# Менчик укуктарын коргоо,

## тике инвестицияларды тартуу – өкмөттүн негизги багыттары



**В Национальной стратегии устойчивого развития Кыргызской Республики на период 2013-2017 годы указано, что «страна имеет крайне недостаточную инвестиционную привлекательность, по многим международным индексам отмечено ее снижение... Несмотря на ряд внесенных поправок в законодательство, а также институциональные реформы, фактом остается то, что малый и средний бизнес Кыргызстана не смог повысить свою конкурентоспособность». О том, какие изменения произошли в инвестиционном климате Кыргызстана со времени разработки стратегии, рассказывает вице-премьер-министр КР Валерий ДИЛЬ.**

**- Валерий Исидорович, какие меры уже предприняты правительством по улучшению инвестиционного климата в стране?**

- Обеспечение благоприятных условий ведения бизнеса, защита и гарантии прав собственности, привлечение прямых инвестиций и эффективное управление собственными активами - это главные задачи для развития приоритетных отраслей экономики. Правительство создает налоговые стимулы для инвестиций и экспорта.

**2013-2017-жылдардагы мезгилге карата Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүшүнүн улуттук стратегиясында «өлкө өтө жетишсиз инвестициялык тартуучулукка ээ, көптөгөн эл аралык индекстер боюнча анын төмөндөгөнү белгиленген... Мыйзамга киргизилген бир катар түзөтүүлөргө, ошондой эле жүргүзүлгөн институттук реформаларга карабастан, Кыргызстандагы чакан жана орто бизнес өзүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулата албагандыгы далил бойдон калат. Стратегия иштелип чыккандан бери Кыргызстандын инвестициялык климатында кандай өзгөрүүлөр болуп жаткандыгы тууралуу КР вице-премьер-министри Валерий ДИЛЬ айтып берет.**

**- Валерий Исидорович, өлкөдөгү инвестициялык климатты жакшыртуу боюнча өкмөт тарабынан кандай чаралар көрүлдү?**

- Бизнести жүргүзүү үчүн жагымдуу шарттар менен камсыз кылуу, менчик укуктарын коргоо жана кепилдиктер, тикелей инвестицияларды тартуу жана өз активдерин натыйжалуу башкаруу – булар экономиканын артыкчылыктуу тармактарын өнүктүрүү үчүн башкы милдеттерден болуп саналат. Өкмөт инвестициялар жана экспорт үчүн салыктык стимулдарды

Правительство реформировало правовую систему и смягчило правила внутренней и внешней торговли. Действующее законодательство предусматривает равные условия для местных и иностранных инвесторов. Правительство гарантирует, что правовые условия не изменятся в течение первых 10 лет деятельности иностранных инвесторов.

**- Какие условия создает правительство для развития регионов?**

- Развитие каждого региона связано с национальными проектами, созданием эффективных экономических зон, особенно в сельском хозяйстве, эти проекты учитывают особенности региональной диверсификации экономики страны. Расширяются полномочия местных органов власти в бюджетной и налоговой сфере, что позволяет развивать малый и средний бизнес в регионе.

Недавно правительством одобрен проект поправок в Налоговый кодекс, предусматривающий предоставление на пять лет налоговых преференций для промышленных предприятий, создаваемых в дотационных районах.

Важную роль играет создание технополисов в области легкой и перерабатывающей промышленности, в которых будут созданы необходимые условия в виде производственных помещений и инфраструктуры.

В настоящее время дорабатывается бизнес-план по строительству технополиса для текстильного и швейного производства с учетом предложений предпринимателей швейного бизнеса. По мере доработки бизнес-плана ассоциация «Легпром» представит предложения коммерческим банкам и другим финансовым институтам для поиска финансовых средств.

Постановлением Военно-Антоновского айылного кенеша в феврале этого года одобрено выделение земельного участка для строительства технополиса на 50 гектарах богарной пашни на территории Военно-Антоновского айылного аймака, как экологически безопасного и экономически целесообразного объекта легкой промышленности. Объект включен в Генплан айылного аймака. В связи с задержкой выделения земельного участка сроки строительства технополиса перенесены на 2015 год.

**- Россия - один из основных инвесторов Кыргызстана. В каких сферах развивается это сотрудничество?**

- Российские инвесторы видят перспективы в Кыргызстане. Мы расширяем сотрудничество с регионами России, развивается торговля между нашими странами. Правительство нацелено на привлечение частного российского капитала.

По итогам 15-го заседания Межправительственной кыргызско-российской комиссии по торгово-экономическому, научно-техническому и гуманитарному сотрудничеству было решено осуществить продажу 90% акций ОАО «Залкар Банк» российской компании ОАО «Инвестиционный Торговый Бизнес Холдинг». В мае 2013 года заключен договор купли-

түзөт. Өкмөт укук системасына реформа жүргүздү жана ички жана тышкы сооданын эрежелерин жеңилдетти. Иштеп жаткан мыйзам жергиликтүү жана чет өлкөлүк инвесторлор үчүн бирдей шарттарды караштырат. Өкмөт чет өлкөлүк инвесторлордун ишмердигинин биринчи 10 жылынын аралыгында укуктук шарттар өзгөрүлбөй тургандыгына кепилдик берет.

**- Өкмөт аймактардын өнүгүшү үчүн кандай шарттарды түзүп жатат?**

- Ар бир аймактын өнүгүшү улуттук долбоорлор менен, өзгөчө айыл чарбасында, натыйжалуу экономикалык зоналарды түзүү менен байланышкан, бул долбоорлор өлкөнүн экономикасынын аймактык диверсификациясынын өзгөчөлүктөрүн эске алат. Бюджет жана салык чөйрөлөрүндөгү жергиликтүү бийлик органдарынын ыйгарым укуктары кеңейип жатат, бул аймактагы чакан жана орто бизнестин өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Жакында өкмөт тарабынан дотациялык райондордо түзүлгөн өнөр жай ишканалары үчүн беш жылга салыктык преференциялар (жеңилдиктер) берилиши каралган Салык кодексине түзөтүүлөрдү киргизүү долбоору жактырылган.

Жеңил жана кайра иштетүү өнөр жайы жаатында технополистердин түзүлүшү маанилүү роль ойнойт, анда өндүрүштүк жайлар жана инфраструктура түрүндө зарыл шарттар түзүлөт.

Азыркы учурда тигүү бизнесинин ишкерлеринин сунуштары эске алынуу менен текстиль жана тигүү өндүрүшү үчүн технополисти куруу боюнча бизнес-план иштелип жатат. Бизнес-план толук иштелип чыкканына жараша «Жеңил өнөр жайы» ассоциациясы каржы каражаттарын издөө үчүн коммерциялык банктарга жана башка каржы институттарына сунуштарын берет.

Военно-Антоновка айылдык кеңешинин ушул жылдын февралындагы токтому менен жеңил өнөр жайынын экологиялык жактан коопсуз жана экономикалык жактан максатка ылайыктуу объектиси катары, Военно-Антоновка айыл аймагынын территориясындагы 50 гектар кайрак жерге технополисти куруу үчүн жер тилкесинин бөлүнүп берилиши жактырылган. Объект айыл аймагынын Башкы планына киргизилген. Жер тилкесинин бөлүнүп берилишинин кармалгандыгына байланыштуу технополисти куруунун мөөнөтү 2015-жылга жылдырылган.

**- Россия - Кыргызстандын негизги инвесторлорунун бири. Кайсы тармактарда бул кызматташтык өнүгүп жатат?**

- Россиялык инвесторлор Кыргызстандын келечектеги ишинин жөнүн көрүп турушат. Биз Россиянын аймактары менен кызматташтыкты кеңейтип жатабыз, биздин өлкөлөр ортосундагы соода өнүгүп жатат. Өкмөт жеке россия капиталынын тартылышына багыт алган.

Соода-экономикалык, илимий-техникалык жана гуманитардык кызматташуу боюнча өкмөттөр аралык кыргыз-орусия комиссиясынын 15-отурумунун жыйынтыгы боюнча «Залкар Банк» ААКнын акцияларынын 90%ын «Инвестициялык Соода Бизнес Холдинги» ААКга сатууну жүзөгө ашыруу чечилген.

продажи акций, и ОАО «Залкар Банк» перерегистрирован в ОАО «Российский Инвестиционный Банк».

Начаты работы по реализации совместных проектов. Строящийся Верхне-Нарынский каскад, который планируется построить в течение шести лет, включает четыре гидроэлектростанции проектной мощностью 237,7 МВт и среднегодовой выработкой электроэнергии 942 млн. кВт.ч.

Проектная мощность Камбаратинской ГЭС-1 составляет 1860 МВт со среднегодовой выработкой электроэнергии более 5,0 млрд. кВтч. В настоящее время ведется работа по утверждению технико-экономического обоснования проекта ее строительства.

Реализация этих двух проектов позволит дополнительно вырабатывать до 6 млрд. кВтч электроэнергии в год, обеспечивая покрытие зимних пиков энергопотребления в Кыргызстане и возможность увеличения экспорта. Выработка дополнительного количества электроэнергии Камбаратинской ГЭС-1 позволит уменьшить объемы попусков воды в зимний период из Токтогульского водохранилища и, соответственно, увеличить объемы попусков в вегетационный период для обеспечения ирригационных потребностей нижележащих государств.

В соответствии с соглашением о сотрудничестве в сфере транспортировки, распределения и реализации природного газа на территории Кыргызской Республики российская сторона гарантирует вложение инвестиций в модернизацию и реконструкцию в газовую инфраструктуру в размере не менее 20 млрд. рублей в течение пяти лет. Кроме того, предусматривается развитие и модернизация оборудования и магистральных газопроводов, соблюдение тарифной политики, бесперебойная и гарантированная поставка природного газа потребителям республики, обеспечение социальной программы в области заработной платы и уровня занятости.

10 апреля 2014 года заключен договор купли-продажи между уполномоченными организациями сторон по передаче в собственность 100-процентной доли в уставном капитале ОсОО «Кыргызгазпром». 11 июля 2014 года было получено Свидетельство о государственной регистрации ОсОО «Газпром Кыргызстан», и в настоящее время формируются органы управления.

Все эти начинания в ближайшие два-три года окажут положительное влияние на нашу экономику, но при условии политической стабильности. Для достижения оптимистических прогнозов от правительства требуется сохранять макроэкономическую стабильность. В первую очередь это касается показателей инфляции и дефицита бюджета.

В начале августа нас посетили руководители компании «Объединенные машиностроительные заводы» (Группа Уралмаш-Ижора), которые презентовали производство оборудования для горнорудной, нефтехимической и газовой промышленности. Кыргызстан заинтересован в поставках современного и технически надежного оборудования. Мы готовы к сотрудничеству по поставкам оборудования и реанимации

2013-жылдын май айында акцияларды сатуу-сатып алуу келишими түзүлгөн, жана «Залкар Банк» ААКсы «Инвестициялык Соода Бизнес Холдинги» ААК болуп кайра катталган.

Биргелешкен долбоорлорду жүзөгө ашыруу боюнча иштер башталды. Курулуп жаткан Жогорку-Нарын каскадын алты жылдын ичинде куруп бүтүрүү пландаштырылып жатат. Ал өзүнө долбоорлук кубаттуулугу 237,7 МВт жана электр энергиясынын жылдык орточо иштелип чыгышы 942 млн. кВт.саат болгон төрт гидроэлектростанцияны камтыйт.

Камбарата-1 ГЭСинин долбоорлук кубаттуулугу 1860 МВт түзөт, электр энергиясынын жылдык орточо иштелип чыгышы 5,0 млрд. кВт.сааттан ашык. Азыркы убакта анын курулушунун техникалык-экономикалык негиздемесин бекитүү боюнча иштер жүрүп жатат.

Бул эки долбоордун жүзөгө ашырылышы жылына 6 млрд. кВт. саатка чейин электр энергиясын кошумча иштелип чыгышына мүмкүндүк берет жана Кыргызстанда энергияны керектөөнүн кышкы чыңалышынын жабылышын жана экспортту көбөйтүү мүмкүндүгүн камсыз кылат. Камбарата-1 ГЭСинин кошумча сандагы электр энергиясын иштеп чыгышы Токтогул суу сактагычынан кыш мезгилинде кое берилген суунун көлөмүн азайтууга, жана тийиштүү түрдө, төмөн жаткан мамлекеттердин ирригациялык муктаждыктарын камсыз кылуу үчүн сугат мезгилинде кое берүүлөрдүн көлөмүн көбөйтүүгө мүмкүндүк берет.

Кыргыз Республикасынын аймагына жаратылыш газын ташып келүү, бөлүштүрүү жана сатуу жаатындагы кызматташтык жөнүндө келишимге ылайык россиялык тарап беш жылдын аралыгында 20 млрд. рублдан кем эмес өлчөмдө газ инфраструктурасын модернизациялоого жана реконструкциялоого инвестицияларды салууга кепилдик берип жатат. Андан сырткары, магистралдык газ кууларын өнүктүрүү жана жабдууларын модернизациялоо, тарифтик саясаттын сакталышы, республиканын керектөөчүлөрүнө жаратылыш газынын үзгүлтүксүз берилиши жана алынып келишине кепилдиктин берилиши, эмгек акы жана жумуштуулуктун деңгээли жаатындагы социалдык программалардын камсыз кылынышы каралат.

2014-жылдын 10-апрелинде «Кыргызгазпром» ЖЧКсынын уставдык капиталындагы 100 пайыздык үлүштү менчикке өткөрүп берүү боюнча тараптардын ыйгарым укуктуу мекемелеринин ортосунда сатуу-сатып алуу келишими түзүлгөн. 2014-жылдын 11-июлунда «Газпром Кыргызстан» ЖЧКсын Мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк алынып, азыркы убакта башкаруу органдары түзүлүп жатат.

Бул башталыштардын бардыгы жакынкы 2-3 жылда биздин экономикага оң таасирин тийгизе баштайт, бирок саясый туруктуулуктун шартында. Оң маанайдагы прогноздорго жетишүү үчүн өкмөттөн макроэкономикалык туруктуулукту сактоо талап кылынат. Биринчи кезекте бул инфляция менен бюджеттин тартыштыгынын көрсөткүчтөрүнө таандык.

Августтун башында бизге «Бириккен машина куруу заводдору» (Уралмаш-Ижора тобу) компаниясынын жетекчиле-

простаивающих в стране производственных мощностей. По результатам переговоров подписан протокол, который утвердил программу действий в сфере сотрудничества по развитию промышленности Кыргызстана.

**- Расскажите, пожалуйста, о совместных инвестиционных проектах с Китаем.**

- С Китаем мы выполняем проекты в различных секторах - энергетическом, транспортном, в создании нефтеперерабатывающих заводов.

Наиболее крупные энергетические проекты - это модернизация и строительство линий электропередачи на юге Кыргызстана, которые позволяют передавать электроэнергию с каскада Токтогульских ГЭС в Ошскую и Баткенскую области. Строительство линий электропередачи «Датка-Кемин» и высоковольтной подстанции «Кемин» создает условия для энергетической независимости Кыргызстана. Кроме того, китайская компания TBEA вскоре приступит к модернизации ТЭЦ Бишкека.

**Сколько бы хороших стратегий и законов мы ни писали, инвесторы будут к нам приходить, если здесь прибыльно вести бизнес**

**Канчалаган жакшы стратегиялар менен мыйзамдарды жазбайлы, инвестор үчүн башкы шарт – бул коопсуздуктун кепилдениши**

Среди наиболее крупных транспортных проектов – модернизация автодороги Бишкек-Нарын-Торугарт и Ош-Баткен-Исфана.

Китайскими инвесторами построен нефтеперерабатывающий завод в Кара-Балте мощностью 800 000 тонн в год. Второй завод мощностью в 450 000 тонн в Токмоке в настоящее время находится на стадии строительства.

**- Однако есть проблемы с сырьем?**

- Недавно с председателем Национальной нефтяной корпорации Республики Корея мы обсудили вопрос загрузки сырьем Карабалтинского и Токмакского НПЗ. Корейская делегация выразила большую заинтересованность в совместной работе. Необходимо найти оптимально выгодное решение по загрузке НПЗ сырьем для всех заинтересованных сторон. Со стороны государства будет оказана всесторонняя помощь в этом вопросе. Особенно сейчас, когда мы чувствуем подорожание ГСМ на рынке, для нас вопрос запуска двух НПЗ особо актуален.

**- Строительство газопровода “Кыргызстан-Китай” называют одним из крупнейших инвестиционных**

ри келип, тоо-кен, мунай-химиялык жана газ өнөр жайлары үчүн жабдуулардын чыгарылышын презентация кылышты. Кыргызстан заманбап жана техникалык жактан ишенимдүү жабдуулардын алынып келишине кызыкдар. Биз жабдууларды алып келүү жана өлкөдөгү токтоп турган өндүрүштүк кубаттуулуктардын жандандырылышы боюнча кызматташууга даярбыз. Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыктары боюнча протоколго кол коюлган, анда Кыргызстандын өнөр жайын өнүктүрүү боюнча кызматташуу чөйрөсүндөгү аракеттердин программасы бекитилген.

**- Кытай менен биргелешкен инвестициялык долбоорлор жөнүндө айтып берсеңиз.**

- Кытай менен биз энергетикалык, транспорттук, мунайды кайра иштетүүчү заводду куруу сыяктуу ар кандай секторлордо долбоорлорду аткарып жатабыз.

Ири энергетикалык долбоорлор – бул Кыргызстандын түштүгүндө электр энергиясын берүү линияларын модернизациялоо жана куруу, алар Токтогул ГЭСинин каскадынан Ош жана Баткен облустарына электр энергиясын берүүгө мүмкүндүк берет. «Датка-Кемин» электр энергиясын берүү линиясынын жана жогорку чыңалуудагы «Кемин» подстанциясынын курулушу Кыргызстандын энергетикалык жактан көз каранды болбошу үчүн шарттарды түзөт. Андан тышкары TBEA деген кытай компаниясы жакында Бишкек ЖЭЦин модернизациялоого киришет. Өтө ири транспорт долбоорлорунун ичинде Бишкек-Нарын жана Ош-Баткен-Исфана авто жолдорун модернизациялоо бар.

Кытайлык инвесторлор тарабынан Кара-Балтада кубаттуулугу жылына 800 000 тонна болгон мунайды кайра иштетүүчү завод курулган. Токмоктогу кубаттуулугу 450 000 тонна болгон экинчи завод азыркы убакта курулуу баскычында турат.

**- Бирок сырье менен көйгөйлөр барбы?**

-Жакында Корея Республикасынын Улуттук мунай корпорациясынын төрагасы менен биз Кара-Балта жана Токмок МКЗларын сырье менен жүктөө маселесин талкууладык. Кореянын делегациясы биргелешкен ишке чоң кызыкчылыгын билдирди. Бардык кызыкдар болгон тараптар үчүн МКЗны сырье менен жүктөө боюнча абдан ыңгайлуу жана пайдалуу чечим табуу зарыл. Бул маселеде мамлекет тарабынан ар тараптуу жардам көрсөтүлөт. Айрыкча азыр, бизге рыноктогу КММнын кымбаттаганы сезилип жатканда, биз үчүн эки МКЗнын ишке киргизилиши өзгөчө актуалдуу.

**-“Кыргызстан-Кытай” газ куурунун курулушун Кыргызстандын тарыхындагы ири инвестициялык долбоорлордун бири деп атап жүрүшөт. Аны ишке ашыруу качан башталат жана Кыргызстан кандай артыкчылыктарга ээ болот?**

- Бул долбоор 2013-жылдын сентябрында КЭРдин Төрагасы Си Цзиньпиндин Кыргызстанга болгон мамлекеттик визитинин алкагында кол коюлган эки өлкөнүн өкмөттөрүнүн ортосундагы Келишимге ылайык ишке ашырылат. Бирок анын ишке ашырылышына 1,5 млрд.$ жакын каражат талап кылынат. Алдын ала эсептөөлөр боюнча, газ кууру пайдаланууга берилген

**проектов в истории Кыргызстана. Когда начнется его реализация и какие преимущества получит Кыргызстан?**

- Этот проект будет реализован согласно Соглашению между правительствами двух стран, подписанному в рамках государственного визита Председателя КНР Си Цзиньпина в Кыргызстан в сентябре 2013 года. На его реализацию потребуется около $1,5 млрд. По предварительным расчетам, Кыргызстан получит за транзит газа более $2 млрд. в период эксплуатации газопровода в течение 35 лет. Между Министерством экономики КР и компанией подписан Меморандум о сотрудничестве, согласно которому Минэкономики будет оказывать всяческое содействие в реализации проекта и защищать права инвесторов.

**- На всех уровнях высказывается мнение о том, что законы у нас либеральные и привлекательные, но вот их исполнение «оставляет желать лучшего». Что же касается защиты инвестиций, то здесь ситуация еще хуже. Когда же эти законы заработают?**

- Действительно, инвесторы заинтересованы в возвратности своих средств. Мы признаем, что происходили случаи совершения преступлений в отношении частной собственности, когда захватывали объекты, технику, в итоге пострадал имидж Кыргызстана. Единственный путь борьбы с этими нарушениями - установление законности и правопорядка. Надзорные и правоохранительные органы, Генеральная прокуратура должны бескомпромиссно наказывать всех, кто нарушает закон и захватывает частную собственность.

Надо объяснять населению, что частные инвесторы не должны строить социальные объекты, дороги, объекты водоснабжения. Это обязанность государства. На осуществление долгосрочных проектов государство может брать кредиты и инвестировать в социальные объекты.

Действительно, ни один инвестор не будет вкладывать средства в страну, где нет спокойствия. Сколько бы хороших стратегий и законов мы ни писали, инвесторы будут к нам приходить, если здесь прибыльно вести бизнес. Главное условием для инвесторов – это гарантия безопасности.

**- Как правительство будет защищать права инвесторов?**

- Инвесторам предоставляется возможность использовать право на стабилизацию определенного правового режима в случае принятия нормативных актов, ухудшающих положение инвесторов. Правительство принимает меры по улучшению законодательства, искоренению коррупционных механизмов, развитию инфраструктуры и повышению качества человеческих ресурсов.

Необходимо создавать условия не только для зарубежных, но и местных инвесторов. Для этого должны работать законы, и мы все должны им подчиняться.

**Развитие каждого региона связано с национальными проектами, созданием эффективных экономических зон**

**Ар бир аймактын өнүгүшү улуттук долбоорлор менен, өзгөчө айыл чарбасында, натыйжалуу экономикалык зоналарды түзүү менен байланышкан**

мезгилде 35 жылдын ичинде Кыргызстан газдын транзити үчүн 2 млрд. $дан ашык алат. КР Экономика министрлиги менен компаниянын ортосунда кызматташуу тууралуу Меморандумга кол коюлган, ага ылайык Экономика министрлиги доллбоорду ишке ашырууга ар кандай көмөк көрсөтөт жана инвесторлордун укуктарын коргойт.

**-Бардык деңгээлдерде биздеги мыйзамдардын либералдуулугу жана өзүнө тартуучулугу жөнүндө пикирлер айтылып жүрөт, бирок алардын аткарылышын «анчалык жакшы деп айтууга болбойт». Инвестицияларды коргоого келгенде, бул жерде жагдай андан да начар. Бул мыйзамдар эми качан иштеп баштайт?**

- Чындыгында, инвесторлор өздөрүнүн каражаттарынын кайтарымдуу болушуна кызыкдар. Биз жеке менчикке карата кылмыштар жасалган учурлар болгонун мойнубузга алабыз, объектилерди, техникаларды тартып алышкан, натыйжада Кыргызстандын имиджине доо кеткен. Мындай бузуулар менен күрөшүүнүн жалгыз жолу - мыйзамдуулукту жана укук тартибин орнотуу. Көзөмөлдөө жана укук коргоо органдары, Башкы прокуратура мыйзамдарды бузгандардын жана жеке менчикти тартып алгандардын бардыгын эч нерсеге карабай жазалоого тийиш.

Жеке инвесторлор социалдык объектилерди, жолдорду, суу менен камсыз кылуу объектилерин курууга тийиш эмес экендигин элге түшүндүрүү керек. Бул мамлекеттин милдети. Узак мөөнөттүү долбоорлорду жүзөгө ашырууга мамлекет насыяларды алып, аларды социалдык объектилерге инвестицияласа болот.

Чындыгында, бир дагы инвестор тынчтык жок өлкөгө инвестицияларды салбайт. Канчалаган жакшы стратегиялар менен мыйзамдарды жазбайлы, инвестор үчүн башкы шарт – бул коопсуздуктун кепилдениши. Эгер бул жерде бизнес пайда алуу менен жүргүзүлсө, анда инвесторлор бизге келишет.

**- Өкмөт инвесторлордун укуктарын кантип коргой алат?**

- Инвесторлорго алардын абалын начарланткан ченемдик актылар кабыл алынган учурда белгилүү укуктук режимди стабилдештирүүгө укугун пайдаланууга мүмкүндүк берилет. Өкмөт мыйзамдарды жакшыртуу, коррупциялык элементтерди жок кылуу, инфраструктураны өнүктүрүү жана адам ресурстарынын сапатын жогорулатуу боюнча чараларды көрөт. Биз чет өлкөлүк гана эмес, жергиликтүү инвесторлор үчүн да шарттарды түзүшүбүз керек. Бул үчүн мыйзамдар иштөөгө тийиш, а биз бардыгыбыз ага баш ийишибиз керек.

# Таможенный союз:
## Этапы формирования

# Бажы биримдиги:
## түзүүнүн этаптары



Меня часто спрашивают, почему стратегия рассчитана до 2052 года? Когда мы просчитали финансовые модели практически по всем сколько-нибудь значительным месторождениям, получилось, что у нас есть группа золотых очень короткоживущих месторождений. Есть месторождения, которые будут осваиваться потом, в будущем, и они долгоживущие. Вот тогда у нас естественным образом и появился 2052 год, мы его не задавали специально.

Главное в этих расчетах - мы выяснили тренд, путь, по которому будет развиваться горнодобывающая промышленность, но с точки зрения ее возможностей, если все выданные лицензии будут реализованы. Для реализации стратегии нужно привлечь $8 млрд. инвестиций.

Мы определили, что максимум развития может произойти к 2018-2020 годам, и в этот период в распоряжении правительства появятся очень большие деньги. Но это будет очень короткий срок, около 5-6 лет. Потом начнется резкий спад, и если его не предвидеть и не принимать меры, то он может оказаться катастрофическим для горнодобывающей отрасли.

Поэтому правительству нужно правильно распорядиться этими крупными суммами. Мы рекомендуем создать резервный фонд, чтобы на случай падения доходов можно было использовать этот фонд.

Резкий рост доходов мы не рекомендуем использовать на социальные нужды, потому что назад эти деньги не вернутся. Если будут повышены зарплаты, пенсии и прочее, то когда не станет этих денег, понижать расходы на социальные нужды будет намного сложнее.

Что касается отношений инвесторов с местным населением, то в прошлые годы было допущено немало ошибок. По существу мнение местного населения игнорировалось при распределении лицензий и постановке работ. Но в Декларации ООН о правах коренных народов (Статья 32) прописано: «Государства добросовестно консультируются и сотрудничают с соответствующими коренными народами через их представительные институты с целью заручиться их свободным и осознанным согласием до утверждения любого проекта, затрагивающего их земли или территории и другие ресурсы, особенно в связи с освоением, использованием или разработкой полезных ископаемых, водных или других ресурсов».

Стратегияны жазуу мамилесинин өзү таптакыр стандарттуу эмес, жаңы – эконометрикалык, ал сандык ыкмаларга негизделген. Мурда стратегиялар себептерди ачууга, диагностикага жана кандайдыр бир тыянактарга, өзгөрүүлөргө, «жыртык-тешикти бүтөөгө» негизделээр эле.

Биз стратегиялаштыруунун эң заманбап методдорун колдондук – ал тармактын мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо болуп саналат. Ал эми Кыргызстандын минералдык-сырьелук потенциалы белгилүү болгондуктан, канча кен жашаарын, канча акча берээрин, канча жумуш орундарын түзөөрүн эсептеп чыгып, финансылык-экономикалык моделин түзүүгө мүмкүнчүлүк бар.

Эмне үчүн стратегия 2052- жылга чейин эсептелгенин менден көп сурап калышат. Биз дээрлик канча болбосун бүтүндөй орчундуу кендер боюнча финансылык моделди эсептеп жатканда, бизде өтө кыска жашаган кендердин алтын тобу бар экендиги билинди. Кийин, келечекте өздөштүрүлө турган кендер да бар, алар узак жашоочулар болушат. Мына ошондо бизде табигый түрдө 2052-жыл пайда болду, биз аны атайылап тапшырган жокпуз.

Бул эсептөөлөрдө эң башкысы – биз тоо-кен өнөр жайы өнүгө турган трендди, жолду билдик, бирок анын мүмкүнчүлүктөрүнүн көз карашы менен алганда, эгер берилген лицензиялардын бардыгы ишке ашырылганда. Стратегиянын жүзөгө ашырылышы үчүн 8 млрд. $ инвестицияларды тартуу керек.

Биз өнүгүүнүн жогорку чеги 2018-2020-жылдарда болорун аныктадык, жана ушул мезгилде өкмөттүн карамагында аябагандай чоң акча пайда болот. Бирок бул 5-6 жылга жакын өтө кыска мөөнөт болот. Андан соң кескин төмөндөө башталат, эгер аны көрө билбесек жана чараларды көрбөсөк, анда анын тоо-кен тармагы үчүн натыйжасы оор болуп калышы мүмкүн.

Ошондуктан өкмөт бул ири суммадагы акчаны туура пайдалануусу керек. Биз резервдик фонд түзүүнү сунуш кылабыз,



Правительство первоначально вообще отрицало необходимость вмешательства государства в проблемы с местным населением в связи с разведкой и разработкой месторождений, утверждая, что компании должны сами этим заниматься. Может быть, в какой-то степени это и так, но когда протесты приобретают массовый, системный характер, то это уже вопрос правительства. Как правило, у нас привыкли «гасить пожары» - когда возникает критическая ситуация, то на место мчатся и премьер, и вице-премьеры, министры, пытаясь погасить очаги недовольства. Это неконструктивный подход. Нужен постоянный и упорный труд по продвижению горных проектов, потому что это большой потенциальный экономический источник.

С населением нужно работать постоянно, чтобы не возникало таких диких выводов, что, мол, геологи скважину пробурили, и в селе двухголовые телята стали рождаться. Нужно значительно усилить просветительскую деятельность - собирать на семинары школьных учителей, местную администрацию и честно рассказывать, что опасно для населения при горной деятельности, а что не несет никакой опасности.

В стратегии мы рекомендовали ввести раздел «горнодобывающая деятельность» в учебник по экономической географии, чтобы рассказать о полезности и угрозах. Но пока мы не нашли поддержки у Министерства образования, которое считает, что усилится и без того большая учебная нагрузка на школьников.

Мы рекомендовали также подключить государственное телевидение, газеты, чтобы они регулярно, может быть, даже назойливо вели разъяснительную работу о горнодобывающей деятельности.

Сейчас наша группа при поддержке ЮСАИД ездит по районам и разъясняет положения стратегии местному населению.



анткени кирешелердин азаюу учурунда ошол фондду пайдаланууга болот.

Биз кескин көбөйгөн кирешелерди социалдык муктаждыктарга колдонууну сунуш кылбайбыз, анткени бул акчалар артка кайрылып келбейт. Эгер айлык акы, пенсия көтөрүлө турган болсо, анда бул акчалар жок калганда, социалдык муктаждыктарга кеткен чыгымдардын азайтылышы өтө кыйыныраак болот.

Инвесторлордун жеригиликтүү эл менен мамилелерине келгенде, өткөн жылдары бир топ катачылыктарга жол берилгендигин айтсам болот. Лицензияны бөлүштүрүүгө жана иштин коюлушуна тийиштүү болгон жергиликтүү элдин пикири этибарга алынган эмес.

Бирок Жергиликтүү элдердин укуктары жөнүндө БУУнун Декларациясында (32-берене) мындай деп жазылган: «Мамлекет алардын жерине же территориясына жана башка ресурстарга тийиштүү болгон, өзгөчө пайдалуу кендерди, суу же бөлөк ресурстарды өздөштүрүүгө, пайдаланууга жана иштетүүгө байланыштуу кандай долбоор болбосун бекитилгенге чейин алардын эркин жана түшүнүү менен макулдугун алуу максатында тиешелүү жергиликтүү эл менен алардын өкүлчүлүк институттары аркылуу ак ниет кеңеш кылышат жана кызматташат.»

Өкмөт адегенде компания муну менен өзү алектенүүгө тийиш деп ырастап, кендерди чалгындоо жана иштетүү иштерине байланышкан жергиликтүү эл менен болгон көйгөйлөргө мамлекеттин кийлигишүү зарылдыгын такыр эле төгүнгө чыгарган.

Мүмкүн, кандайдыр даражада мунун да чындыгы бар, бирок карама-каршылыктар массалык, системалык мүнөзгө ээ болгондо, бул эми өкмөттүн маселеси. Адатта, бизде оор кырдаал жаралганда гана «өртү өчүрүүгө» көнүп калышкан, ал жерге премьер, вице-премьерлер, министрлер нааразычылыкты басууга аракет кылып жетип барышат. Бул конструктивдүү мамиле эмес. Тоо долбоорлорун илгерилетүү боюнча үзгүлтүксүз жана кажыбас эмгек керек, анткени бул потенциалдуу экономикалык булак.

Геологдор скважина бургулашканда, айылда эки баштуу музоолор туула баштады деген сыяктуу жапайы тыянактар жаралбашы үчүн эл менен такай иштөө керек. Агартуучулук ишин абдан күчөтүү зарыл – семинарларга мектеп мугалимдерин, жергиликтүү администрацияны чогултуп, тоо иштеринде эл үчүн эмне коопту, ал эми эмне эч кандай коркунуч алып келбей тургандыгын ачык айтып берүү абзел.

Стратегияда биз экономикалык география боюнча окуу китебине «тоо-кен ишмердүүлүгү» бөлүмүн киргизүүнү сунуштаганбыз, анда анын пайдалуулугу жана коркунучтары жөнүндө айтылмак. Бирок биз азырынча Билим берүү министрлигинен колдоо тапкан жокпуз, алар



окуучуларга болгон ансыз деле чоң окуу жүктөмү ого бетер көбөйөт деп эсептешет.

Биз тоо-кен ишмердүүлүгү жөнүндө түшүндүрүү иштерин такай, мүмкүн, ал тургай тажатканча жүргүзүү үчүн мамлекеттик телекөрсөтүүнү, гезиттерди да тартууну сунуштаганбыз.

Азыр биздин топ ЮСАИДдин колдоосу менен райондорго барып, жергиликтүү элге стратегиянын жоболорун түшүндүрүп жатышат. Жакшы көркөмдөлгөн жана жөнөкөй, жеткиликтүү тил менен жазылган брошюра кыргыз тилинде даярдалып жатат.

Мага америкалык-канадалык кенже жаш курактагы балдар үчүн боемо-китепчени көргөзүп калышты. Бизде көпөлөктөр менен, гүлдөр менен, мультиктердин каармандары менен мындай боемолордун түрүн сатышат, ал эми бул китепчеде геологдор кенди кантип табышканы, ишканалар кантип курулаары көрсөтүлгөн. Кичинекейинен тартып эле балдар тоо-кен ишмердүүлүгү – бул алардын жашоосунун бөлүгү экендигин түшүнө били шет. Бизде ушундайлар чыгарылса жакшы болор эле.

Жөнөкөйдөй көрүнгөн китепчени бала кызыга тургандай кылып, ага оңой эмес маалыматты жеткире билүү өтө эле кыйын экенин түшүнүп турам. Ал эми чет элдик китепчени көчүрүп алуунун эч кандай кажети жок, бизде «кабыл алуу» башкача.

Эң башкысы, Геология боюнча мамлекеттик агенттигинин директорунун киргизгени –конкурстарды жана аукциондорду ал адегенде кен чыккан жерге барып, жергиликтүү эл менен шарттарды макулдашып баштаганы, аукционду ошол жерде өткөргөнү.

Эл аукциондорго гана катышпастан, жеңүүчү үчүн шарттарды иштеп чыгышат, ошентип бардыгы ийгиликтүү өтөт. Өздөрү ойлогон акчаны ала алышпаса дагы, болгонун алып жатышат жана азырынча тынч иштеп жатышат.

Чакан кендерден баштап жатышкандары туура, анткени ийгиликтүү мисалдар маанилүү. Эми, эч болбогондо, агенттиктин директорунун сөзүнө караганда, жергиликтүү эл алар үчүн жергиликтүү администрацияга акчалар келип түшүп жатканын, жана социалдык объектилерди жакшыртууга боло тургандыгын сезип калышты. Алар регионалдык фонддорду түзүшөт жана бул фонддордун алдында байкоо кеңештери иштейт.

Биз иштеп чыккан стратегия Кыргызстандын жаратылыш байлыктары азыркы жана келечек муундарынын ишенимдүү энчисинен болуп калышы үчүн багытталган. Бирок буга тоо-кен өнөр жайын өнүктүрүүгө жана аны башкарууга узак мөөнөттүү, социалдык жана экологиялык жоопкерчиликтүү мамиле кылуунун шарттарында гана мүмкүн болот.

Готовится брошюра на кыргызском языке, хорошо иллюстрированная и написанная простым, доступным языком.

Мне как-то показали книжки-раскраски для детей раннего возраста, американскую и канадскую. У нас продают такие раскраски, но с бабочками, цветочками да героями мультиков, а в этих книжках показано, как геологи находят месторождения, как строятся предприятия. С ранних лет дети впитывают понимание того, что горная деятельность – это часть их жизни. Хотелось бы организовать такие выпуски и у нас. Понимаю, что это не просто, ведь эту, казалось бы, простенькую книжку нужно сделать так, чтобы заинтересовать ребенка, донести до него непростую информацию. А копировать зарубежные книжки не имеет смысла, у нас по-другому «мозги поставлены».

Самое главное, что ввел директор Государственного агентства по геологии, - конкурсы и аукционы он начинает с того, что сначала едет на месторождение и согласовывает условия с местным населением, и аукционы проводит там. Население не только присутствует на аукционах, но и разрабатывает условия для победителя, и все проходит успешно. Может быть, получают не те деньги, на которые рассчитывали, но получают и пока спокойно работают.

Правильно, что начинают с мелких месторождений, ведь важны положительные примеры. Теперь, по крайней мере, со слов директора агентства, местное население почувствовало, что к ним в местные администрации пошли деньги, и есть на что социальные объекты улучшать. Они образуют региональные фонды, и при этих фондах работают наблюдательные советы.

Стратегия, которую мы разработали, ориентирована на то, чтобы природные богатства Кыргызстана стали надежным достоянием нынешнего и будущих поколений. Но это будет возможно лишь при условии долгосрочного, социально и экологически ответственного подхода к развитию горнодобывающей промышленности и управления ею.



# Цифровое будущее Кыргызстана

# Кыргызстандын санариптик келечеги

**Эрнис МАМЫРКАНОВ,**
**эксперт межведомственной рабочей группы по переходу Кыргызстана на цифровое вещание**

**О цифровом вещании в нашей стране очень слабое представление не только у простых людей, но и у тех чиновников, которые участвуют в этом процессе. Проблема в том, что за последние три года, с тех пор, как была принята программа перехода на цифровое вещание, в стране несколько раз менялось правительство, его структура, и отсутствие преемственности породило массу проблем.**

Мы сжаты сроками в рамках договоров и международных обязательств. Согласно данным Государственного агентства связи, 17 июня 2015 года в стране должны отключить 210 телепередатчиков, которые используются сейчас. В их числе 33 частоты частных телекомпаний (всего их 22). Получается, практически все каналы аналогового телевидения будут отключены.

И тут встает вопрос: а готовы ли мы к переходу на цифровое вещание до этой даты?

В Баткене с 2009 года работает пилотный проект цифрового вещания в первом цифровом формате. И уже в ноябре планируют запустить социальный пакет в новом стандарте, в котором до этого никто не работал в Кыргызстане.

**Эрнис МАМЫРКАНОВ,**
**Кыргызстандын санариптик берүүлөргө өтүшү боюнча ведомстволор аралык жумушчу тобунун серепчиси**

**Биздин өлкөдө санариптик берүү жөнүндө катардагы адамдардын гана эмес, бул процесске катышып жаткан бийлик төбөлдөрүнүн да түшүнүгү начар. Көйгөй акыркы үч жыл аралыгында, б.а. санариптик берүүгө өтүү программасы кабыл алынгандан тартып, өлкөдө бир нече жолу өкмөт, анын түзүмү алмашканында жатат, ошентип ишти улантуучулуктун жоктугу бир топ көйгөйлөрдү жаратты.**

Келишимдердин жана эл аралык милдеттенмелердин алкагында биздин убакыт чукул калды. Мамлекеттик байланыш агенттигинин маалыматтары боюнча, 2015-жылдын 17- июнунда өлкөдө азыр колдонулуп жаткан 210 телебергичтер өчүрүлүүгө тийиш. Анын ичинде жеке телекомпаниялардын (алардын бардыгы 22) 33 жыштыгы бар. Демек, аналогдук телекөрсөтүүнүн бардык каналдары өчүрүлөт.

Эми бул жерде мындай суроо туулат: а биз ошол датага чейин санариптик берүүлөргө өтүүгө даярбызбы?

Баткенде 2009-жылдан бери биринчи санариптик форматта санариптик берүүнүн сынамык долбоору иштейт. Ноябрда эми жаңы стандарттагы социалдык пакетти киргизүүнү пландаштырып жатышат, аны менен буга чейин Кыргызстанда эч ким иштеген эмес.

Преимущества цифрового эфирного телевидения в том, что достаточно установить дома цифровую приставку, и с тем же старым телевизором на ту же старую антенну можно напрямую, без особых проблем принимать телевидение нового качества. Не надо заключать договор, вызывать специалистов, чтобы подключиться, как это происходит с платным эфирно-кабельным ТВ. При цифровом ТВ подключение социального и частного пакетов бесплатное, просто нужно иметь приставку или современный телевизор, в который уже встроен нужный цифровой тюнер.

Самая большая проблема – мы катастрофически отстаем по срокам. В 2011 году в Кыргызстане утвердили программу и сроки перехода на цифровое вещание, и уже в 2013 для 95% населения должен был работать социальный пакет программ. Но наступило второе полугодие 2014 года, а явных результатов пока нет.

Баткенский проект – это эксперимент, его нельзя считать выполнением программы. Начали с Баткена, потому что он граничит и с Узбекистаном, и с Таджикистаном, и можно в ходе пилотного проекта согласовывать с соседями все возможные проблемы, в том числе по частотам. К тому же там хороший горный рельеф - в общем, все условия, чтобы проводить испытания.

Но с 2009 года технология шагнула вперед, и в Кыргызстане уже принят новый стандарт - DVB-T2, и любое ТВ-вещание должно ему соответствовать. Получается, что наработки, полученные на Баткенском проекте, уже малопригодны, потому что DVB-T2 существенно отличается от DVB-T1.

С 1 января по 1 июля 2015 года начнется переходный период, когда одновременно будут работать и аналоговое, и цифровое вещание. А с 17 июня 2015 года предстоит отключить аналоговое вещание на тех частотах, которые мешают цифровому вещанию.

И вот тут возникнут проблемы. Потребитель может недосчитаться привычных каналов. Около 80% населения Бишкека, не подключенного к кабельному ТВ, может остаться без телевидения. Дело в том, что у нас очень большая внутренняя миграция, и людям, которые часто переезжают, невыгодно проводить стационарное платное телевидение. К тому же надо подумать, как помочь приобрести ресиверы тем, кто материально не готов перейти на цифровое вещание. Государству, у которого на учете около 300 тысяч нуждающихся граждан, это обременительно.

Бесплатным в цифровом вещании будет базовый пакет телеканалов, включающий телеканалы социального пакета и действующих частных телеканалов. Но телезрителям, желающим смотреть больше каналов, необходимо будет приобрести у оператора телевещания дополнительный пакет. Эта услуга, разумеется, будет платной – платить надо будет и за пакет, и, возможно, за специальный ресивер.

И, конечно, надо думать о контенте. Вместо одного аналогового канала появится 15 цифровых. Если сейчас в Бишкеке потребитель аналогового телевидения смотрит 19 каналов,

Санариптик эфирдик телекөрсөтүүлөрдүн артыкчылыгы үйгө санариптик приставканы орнотуп, ошол эле эски сыналгыга, ошол эле эски антеннага түздөн-түз туташтыруу менен жаңы сапаттагы телекөрсөтүүнү эч кандай көйгөйсүз эле көрүүдө турат. Акы төлөнүүчү эфирдик-кабелдик ТВлардагыдай кошулуу үчүн келишим түзүүнүн, адисти чакыруунун кереги жок. Санариптик ТВда социалдык жана менчик пакеттерди кошуу бекер, жөн гана приставканы же керектүү санариптик тюнер орнотулган заманбап сыналгыны алуу керек.

Эң чоң көйгөй – биздин мөөнөттөр боюнча өтө артта калып жатканыбыз. 2011-жылы Кыргызстанда санариптик берүүлөргө өтүүнүн программасын жана мөөнөттөрүн бекитишкен, ал эми 2013-жылы эле калктын 95%ы үчүн программалардын социалдык пакети иштөөгө тийиш эле. Бирок, 2014-жылдын экинчи жарымы келсе дагы, али күнгө чейин айкын натыйжалар жок.

Баткен долбоору – бул эксперимент, аны программанын аткарылышы деп эсептөөгө болбойт. Баткенден баштагандын себеби, ал Өзбекстан менен да, Тажикстан менен да чектеш жаткандыктан, сынамык долбоордун жүрүшүндө кошуналар менен мүмкүн болгон көйгөйлөрдүн бардыгын, анын ичинде жыштыктар боюнча макулдашып алууга болот. Анын үстүнө ал жакта жакшы тоо рельефи – негизинен, сыноо өткөрүү үчүн бардык шарттар бар.

Бирок 2009-жылдан тартып технология алга кадамдап, Кыргызстанда эбак эле DVB-T2 жаңы стандарты кабыл алынды, жана кандай ТВ-берүүлөр болбосун ага ылайык келүүгө тийиш. Баткен долбоорунан алынган иш тажрыйбасы эми жараксызыраак болуп калды, анткени DVB-T2нин DVB-T1ден олуттуу айырмасы бар. 2015-жылдын 1-январынан 1-июлуна чейин өткөөл мезгил башталат, ал учурда бир убакытта эле аналогдук да, санариптик да берүүлөр иштейт. Ал эми 2015-жылдын 17-июнунан тартып санариптик берүүлөргө жолтоо кылган жыштыктарда аналогдук берүүлөр өчүрүлөт.

Мына ушул жерде көйгөйлөр жаралат. Керектөөчү көндүм болгон каналдарды таппай калышы мүмкүн. Кабелдик ТВга кошулбаган Бишкек шаарынын 80%га жакын эли телекөрсөтүүлөрсүз калышы мүмкүн. Анткени, бизде ички миграция абдан көп болгондуктан, көчүп-конуп жүргөн адамдарга стационардык акы төлөнүүчү телекөрсөтүүлөрдү өткөрүү ыңгайлуу эмес. Анын үстүнө санариптик берүүлөргө материалдык жактан даяр болбогондорго ресиверлерди алып берүүгө кантип жардам берүүнү ойлонуу керек. Эсебинде 300 миңге жакын муктаж болгон жарандары бар мамлекетке бул түйшүк салуучу нерсе.

Социалдык пакеттин телеканалдарын жана иштеп жатышкан менчик телеканалдарды өз ичине камтыган телеканалдардын базалык пакети санариптик берүүлөрдө акысыз болот. Бирок, көп каналдарды көрүүнү каалаган теле көрүүчүлөргө теле берүүлөрдүн операторунан кошумча пакетти сатып алууга туура келет. Бул кызмат көрсөтүүгө, албетте, акы төлөнөт - пакет үчүн да, мүмкүн, атайын ресивер үчүн да төлөш керек болот.

Албетте, эми контент тууралуу ойлонуу керек. Бир аналогдук каналдын ордуна 15 санариптик канал пайда болот. Эгер азыр Бишкекте аналогдук телекөрсөтүүнүн керектөөчүсү 19 каналды

то при цифровом ТВ их станет около 300. Чем их заполнять? Соответственно, станут заполнять ретрансляцией иностранных телеканалов, а это однозначно влечет за собой информационную экспансию извне.

Мы уже выступали с инициативой законодательно закрепить приоритет за отечественными компаниями, чтобы вещание было открытым и закрытым (бесплатным и платным), и сделать так, чтобы все зарубежные каналы, за исключением тех, что работают по межгосударственным соглашениям, попали в платный пакет.

Как сделать отечественное вещание доступным кыргызскоязычному населению? Во-первых, разделить открытый и закрытый пакеты. Главное, чтобы отечественные телеканалы всегда имели приоритет, пусть у них будет частично своя трансляция, частично - ретрансляция. Но у них будет право вещать в открытом пакете, бесплатно для населения. У этих каналов будет преимущество для рекламодателя, которому интересно идти на телеканал, имеющий массовый доступ.

Если создадим такие условия, то поможем развиваться отечественным телекомпаниям. Для этого в Закон о телевидении и радиовещании, в раздел «Ретрансляция», нужно внести поправки, прописать, что телеканалы, имеющие полную ретрансляцию зарубежного контента, должны вещать только в платных пакетах. А те, кто ретранслирует частично, должны соблюдать нормы вещания на государственном языке, чтобы попасть в открытый бесплатный пакет.

Мы, члены инициативной группы, это предложение уже внесли, теперь ждем решения парламента, и принять его надо уже в этом году, чтобы оно вступило в силу в 2015 году, когда начнут переход к цифровому вещанию и формирование пакетов. Министерство культуры и информации разделяет нашу инициативу по поддержке отечественного вещания.

Времени осталось мало. Необходимо консолидировать усилия всех заинтересованных сторон, чтобы в 2015 году не остаться без средств современного вещания.

көрүп жаткан болсо, санариптик ТВда алардын саны 300 гө жакындайт. Аларды эмне менен толтуруу керек? Тийиштүү түрдө, алар чет өлкөлүк каналдарды ретрансляциялоо менен толтурушат, а бул сөзсүз түрдө тыштан маалыматтык экспансияны алып келет. Биз мурда эле берүүлөр ачык жана жабык (акысыз же акы төлөнүүчү) болушу үчүн, жана мамлекеттер аралык келишимдер боюнча иштегендерден башка, бардык чет элдик каналдарды акы төлөнүүчү пакетке туш болгондой кылып, ата мекендик компанияларга артыкчылык берилишин мыйзамдуу бекитүү демилгеси менен чыгып сүйлөгөнбүз.

Ата мекендик берүү кыргыз тилдүү калкка жеткиликтүү болсун үчүн кандай кылуу керек? Биринчиден, ачык жана жабык пакеттерди бөлүү керек. Эң башкысы, ата мекендик телеканалдар дайыма артыкчылыкка ээ болушу үчүн, мейли аларда жарым-жартылай өзүнүн трансляциясы, жарым-жартылай - ретрансляция болсун. Бирок алардын эл үчүн акысыз ачык пакеттеги берүүлөргө укугу бар. Бул каналдарда жалпыга жеткиликтүү болгон телеканалга барууга кызыкдар болгон жарнама берүүчүлөр үчүн артыкчылык болот.

Эгер ушундай шарттарды түзө алсак, анда ата мекендик телекомпаниялардын өнүгүшүнө жардам бере алабыз. Бул үчүн телекөрсөтүү жана радио уктуруу жөнүндө Мыйзамдын «Ретрансляция» бөлүмүнө түзөтүүлөрдү киргизип, чет элдик контентти толук ретрансляциялоого ээ болгон телеканалдар акы төлөнүүчү пакеттерде гана берүүлөрдү көрсөтө аларын жазуу керек. Ал эми жарым-жартылай ретрансляциялагандар акы төлөнбөй турган ачык пакетке кириши үчүн, мамлекеттик тилдеги берүүлөрдүн нормасын сактоого тийиш. Биз, демилгечилер тобунун мүчөлөрү, бул сунушту мурда эле киргизгенбиз, азыр эми парламенттин чечимин күтүп жатабыз. Санариптик берүүгө жана пакеттерди түзүүгө өтүү башталганда, 2015-жылы күчүнө кирсин үчүн, ал ушул жылы кабыл алынышы керек. Маданият жана маалымат министрлиги ата мекендик берүүлөргө колдоо көрсөтүү боюнча биздин демилгебизди тең бөлүшөт.

Убакыт абдан аз калды. 2015-жылы заманбап берүүлөрдүн каражаттарысыз калбаш үчүн, кызыкдар болгон тараптардын бардыгынын күч-аракетин бириктирүү зарыл.











# У наших соседей

- Государственный оператор «UZDIGITAL-TV» предлагает населению **Узбекистана** в своем пакете 12 бесплатных и 33 платных телеканала по цене всего от $3,5.

- **Казахстан** сделал доступным для населения два мультиплекса. Жители отдаленных регионов смогут бесплатно смотреть 15 телеканалов, а населению областных и районных центров будут доступны 22 телеканала, в том числе несколько HD-каналов. С 2012 года до окончания перехода все телекомпании вещают в цифровом пакете бесплатно. Расходы по себестоимости перед оператором вещания «Казтелерадио» полностью оплачивает государство. В Астане для всех телекомпаний (государственных и частных), вещавших в аналоге, построили специальное 22-этажное здание «Казмедиа орталыгы».

- **Китай** выбрал собственный стандарт вещания DTMB. Его основное отличие – наличие мультимедийной основы с обратным каналом связи. Это позволяет реализовать максимальные возможности интерактивного телевидения, включая внедрение в него государственных электронных услуг. По сути DTMB перестал быть просто телевидением – в нём можно совершать даже финансовые операции и организовывать торговые площадки.



- Как ни странно, несмотря на то, что населенные пункты в **Монголии** сильно отдалены друг от друга и не столь многочисленны, там сильно развито кабельное вещание. Поэтому основы цифрового вещания они внедряли в кабельных системах ещё до перехода на эфирную цифру. Тем не менее, они в этом году завершают полный переход от аналога.

# Биздин кошуналарда

- «UZDIGITAL-TV» мамлекеттик оператору өзүнүн пакетинде **Өзбекстандын** калкына 12 акысыз жана 33 акы төлөнө турган телеканалды болгону 3,5$ дан баштап сунуш кылат.

- **Казакстан** эл үчүн эки мультиплексти жеткиликтүү кылды. Алыскы райондордун тургундары 15 телеканалды акысыз көрө алышат, ал эми облустук жана райондук борборлордун элине 22 телеканал, анын ичинде бир нече HD-каналы жеткиликтүү. 2012-жылдан тартып өтүп бүткөнгө чейин бардык телекомпаниялар санариптик пакетте акысыз көрсөтүшөт. «Казтелерадио» берүү операторунун өздүк нарк боюнча чыгымдарын мамлекет толугу менен төлөп берет. Астанада аналогдо берүүчү бардык телекомпаниялар (мамлекеттик жана жеке) үчүн «Казмедиаорталыгы» аттуу 22 кабаттуу атайын имаратты куруп бүтүрүштү.

- **Кытай** берүүнүн DTMB өздүк стандартын тандап алды. Анын негизги айырмачылыгы - кайта келүүчү байланыш каналы менен мультимедиялык негиздин болушу. Бул мамлекеттик электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн ага киришин кошкондо, интерактивдүү телекөрсөтүүнүн максималдуу мүмкүнчүлүктөрүн жүзөгө ашырууга өбөлгө түзөт. DTMB маңызы боюнча жөн гана телекөрсөтүүдөн болбой калды – анда ал тургай каржы операцияларын жүргүзүүгө жана соода аянтчаларын уюштурууга болот.

- **Монголиянын** калк жашаган пункттары бири-биринен өтө алыс жайгашкандыгына жана анчалык көп санда болбогондугуна карабастан, ал жакта кабелдик берүү абдан өнүккөндүгү таң каларлык. Ошондуктан санариптик берүүнүн негиздерин алар эфирдик санарипке өткөнгө чейин эле кабелдик системаларга киргизишкен. Ошого карабастан, алар ушул жылы аналогдон толугу менен өтүүнү аяктап жатышат.



# Корпоративная социальная ответственность – ЗОНА ИНТЕРЕСОВ БИЗНЕСА И ОБЩЕСТВА

# КОРПОРАТИВДИК СОЦИАЛДЫК ЖООПКЕРЧИЛИК – БИЗНЕСТИН ЖАНА КООМДУН КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫНЫН ЗОНАСЫ

**В последние годы тема корпоративной социальной ответственности (КСО) является довольно модной в бизнес-сообществе Кыргызстана (так же, как и во всем мире). Но однозначного определения этого понятия до сих пор нет. С трудностями непонимания сталкиваются многие компании, которые решили вступить на «рельсы» социально-ответственного ведения бизнеса. На вопросы, которые возникают в компаниях, отвечает управляющий директор Агентства корпоративного развития «КСО Централ Азия» Асель АРСТАНБЕКОВА.**

**Акыркы жылдары корпоративдик социалдык жоопкерчилик (КСЖ) темасы Кыргызстандын (бүтүндөй дүйнө жүзүндөгү сыяктуу эле) бизнес-коомдоштугунда жетишерлик модалуу болуп саналат. Бирок бул түшүнүктүн бир маанидеги аныктамасы азыркыга чейин жок. Бизнести жүргүзүүнүн социалдык- жооптуу «жолуна» түшүүнү чечишкен көптөгөн компаниялар түшүнбөө кыйынчылыктарына дуушар болуп жатышат. Компанияларда туулуп жаткан суроолорго «Борбор Азия КСЖ» Корпоративдик өнүктүрүү агенттигинин башкаруучу директору Асель АРСТАНБЕКОВА жооп берет.**

**- Что же такое КСО, почему этот термин толкуют по-разному и как понимаете КСО Вы, Асель?**

- Практически все стороны, от компаний до местных сообществ сейчас обсуждают эту тему. Появилось много деловых площадок, где есть возможность обсудить если не всю тему, то какие-то отдельные аспекты КСО. Оживленно проходят обсуждения по воздействию деятельности компаний на экологию, бурные дискуссии идут в отношении партнерства компаний с гражданским сектором, много внимания уделяется прозрачности и подотчетности.



**- КСЖ деген эмне, эмне үчүн бул терминге ар кандай түшүндүрмө беришет жана Сиз КСЖны кандай түшүнөсүз, Асель?**

Тараптардын дээрлик бардыгы, компаниялардан тартып жергиликтүү коомдоштуктарга чейин бул теманы талкуулап жатышат. КСЖ темасын толук болбосо дагы, анын айрым аспектилерин талкуулоого мүмкүнчүлүгү бар көптөгөн иштиктүү аянтчалар пайда болду Компаниялардын экологияга тийгизген таасиринин талкуулары, компаниялардын жарандык сектор менен өнөктөштүгүнө карата кызуу дискуссиялары жандуу өтүп жатат, анын ачык болушуна жана отчеттуулугуна көп көңүл бурулууда.

Единственный недостаток – это путаница в терминологии. Общественность до сих пор воспринимает КСО как обычную социальную активность и благотворительные программы. На самом деле термин «корпоративная социальная ответственность бизнеса» имеет более широкие определения, в том числе - насколько организации прозрачны в принятии решений, в публичных обсуждениях, особенно в проблемных ситуациях, связанных с отношениями, например, горных компаний с населением. Это также вопросы качества продукции, которую приобретает население, коррупции, другие социальные аспекты. К КСО относятся и вопросы,

Жалгыз кемчилик – бул терминологиядагы чаташтыруу. Коомчулук азыркыга чейин КСЖны кадимки социалдык активдүүлүк, кайрымдуулук программалары катары кабыл алышат. Чындыгында «бизнестин корпоративдик социалдык жоопкерчилиги» термини кененирээк аныктама ээ, анын ичинде, өзгөчө көйгөйлүү жагдайларда уюмдар чечимдерди кабыл алууда канчалык ачык болгону, айрыкча тоо-кен компаниялары менен элдин мамилелерине байланышкан көйгөйлөр бар. Бул эл сатып алган продукциянын сапаты, коррупция маселелери, башка социалдык аспектилер. КСЖга компанияларда жол берилип жаткан эмгекти коргоо жана

связанные с охраной и безопасностью труда, коррупцией, нарушением прав человека, которые допускаются в компаниях. Это все аспекты экономической, экологической и социальной ответственности организаций.

**- И как же разобраться во всех этих аспектах?**

- Любая поисковая система в интернете выдаст множество различных интерпретаций этого термина. В разных странах в понимание КСО вкладываются свои особенности. И, конечно, рекомендуется руководствоваться теми фундаментальными определениями, которые либо выработаны авторитетными международными институтами, либо региональными бизнес-объединениями и ассоциациями, которые формулируют понимание КСО с учетом специфики и приоритетов региона. Кроме того, каждая компания должна выработать свою собственную «модель» КСО, которая будет отличать ее конкурентные преимущества и станет стратегическим инструментом взаимодействия с той средой, где эта компания работает. Такой подход подтверждается и в Центральной Азии.

**- От чего зависит это собственное понимание КСО?**

- В основном, от размера и специфики бизнеса. Многие компании делают акценты на отношениях с местными сообществами (это добывающие и промышленные отрасли). Какие-то компании ограничиваются только работой с персоналом и соблюдением регламентов КЗОТа и соответствующих постановлений. Есть компании, для которых первостепенны качество продукции и производства (как правило, это компании, которые готовятся выходить на новые рынки). Большинство компаний поддерживают только благотворительные проекты, при этом не забывая в пресс-релизах стабильно включать фразу: «В рамках своей корпоративной социальной ответственности…». В этом нет ничего страшного, любая работа в этом направлении в будущем неминуемо приведет к полному и комплексному пониманию этого, на первый взгляд, сложного процесса ведения социально ответственного бизнеса. Главное, что сегодня представители бизнеса уже понимают, что КСО - это концепция, вбирающая в себя очень много процессов и предметных областей в экономической, экологической и социальной сферах.




коопсуздук, коррупция, адам укуктарынын бузулушу менен байланышкан маселелер да таандык. Бул уюмдардын экономикалык, экологиялык жана социалдык жоопкерчилигинин бардык аспектилери.

**- Бул аспектилердин бардыгын кантип түшүнүү керек?**

- Интернеттеги кандай издөө системасы болбосун бул терминдин көптөгөн ар түрдүү чечмелөөсүн берет. Ар кайсы өлкөлөрдө КСЖны жана артыкчылыктарын түшүнүүгө өздөрүнүн өзгөчөлүктөрү кошулат. Жана, албетте, региондун өзгөчөлүктөрүн жана артыкчылыктарын эске алуу менен КСЖ түшүнүгүн жазышкан же беделдүү эл аралык институттар, же регионалдык бизнес-бирикмелер жана ассоциациялар тарабынан иштелип чыккан фундаменталдык аныктамаларды жетекчиликке алуу сунушталат. Андан сырткары, ар бир компания өзүнүн жеке КСЖ «моделин» иштеп чыгуусу керек, ал анын атаандаштык артыкчылыктарын айырмалап турат жана бул компания иштеп жаткан чөйрө менен өз ара аракеттешүүнүн стратегиялык куралы болуп калат. Мындай мамиле Борбордук Азияда да тастыкталат.

**- КСЖны түшүнүүнүн өзү эмнеден көз каранды болот ?**

- Негизинен, бизнестин көлөмүнөн жана өзгөчөлүгүнөн. Көптөгөн компаниялар жергиликтүү коомдоштуктар (булар кен казуучу жана өнөр жай тармактары) менен болгон мамилелерге басым жасашат. Кайсы бир компаниялар персоналдар менен иштөө жана Эмгек кодексинин жана тиешелүү токтомдордун регламентин сактоо менен гана чектелишет. Продукциянын жана өндүрүштүн сапатын биринчи орунга койгон компаниялар дагы бар (адатта, булар жаңы рынокко чыгууга даярданып жатышкан компаниялар). Компаниялардын көпчүлүгү кайрымдуулук долбоорлорун гана колдошот, алар өздөрүнүн пресс-релиздерине: «Өздөрүнүн корпоративдик социалдык жоопкерчилигинин алкагында...», -деген фразаны кошуп коюуну унутуп калышат. Мунун эч кандай деле коркунучу жок, бул багыттагы кандай иш болбосун, бир караганда социалдык жоопкерчиликтүү бизнести жүргүзүүнүн татаал процесси болуп көрүнгөн муну келечекте сөзсүз түрдө толук жана комплекстүү түшүнүүгө алып келет. Эң башкысы, бүгүнкү күндө бизнес өкүлдөрү КСЖ – бул өзүнө экономикалык, экологиялык жана социалдык тармактардагы көптөгөн процесстерди жана предметтик чөйрөлөрдү тандап алган концепция экендигин түшүнүшөт.

Социалдык өнөктөштүктүн башка катышуучулары менен иш кыйыныраак. Сабаттуулуктун жетишсиз деңгээлин мамлекеттик түзүмдөрдө, илимий жана эксперттик чөйрөлөрдө белгилөөгө болот. Айрым окуу жайларында гана КСЖ боюнча курстар (же жөн эле тема) өтүлөт. Пиар жагына түшүнүүнүн «четтөөлөрү» ЖМКларда байкалат.

- «Бизнести» коомдук айыптоого өсүп кеткен социалдык чыр-чатактар жаралганда КСЖ жөнүндө көп эстешет.

- Бизнести коомдук чыр-чатактарга (негиздүүбү же жокпу) тарткан көп мисалдарды келтирүүгө болот. Бул айрым ири ишканаларга да, бүтүндөй тармактарга да таандык. Негизинен, КСЖнын формасы жана мазмуну тууралуу

Сложнее обстоят дела с другими участниками социального партнерства. Недостаточный уровень грамотности можно отметить в государственных структурах, в научной и экспертной среде. Только в некоторых учебных заведениях ведется курс (или просто тема) по КСО. «Перекосы» понимания в сторону пиара наблюдаются в СМИ.

**- О КСО часто вспоминают, когда возникают социальные конфликты, которые перерастают в общественное осуждение «бизнеса».**

- Можно привести немало примеров, когда бизнес (обоснованно или нет) втягивают в общественные конфликты. Это касается как отдельных крупных предприятий, так и отраслей в целом. По существу, дискуссия о формах и содержании КСО продолжается, и она отражает ситуацию, когда бизнес оказывается крайним в споре о справедливости «устройства мира», что не лучшим образом отражается на репутации бизнеса в целом.

**- Итак, в Кыргызстане не хватает ни знаний, ни обучения, ни публикаций по КСО. Чем может помочь ваша организация?**

- На нашем центральноазиатском портале (www.csr.kg) можно найти всю информацию по КСО, начиная с объяснения, что такое КСО, включая публикации, исследования, нефинансовые отчеты компаний, по которым можно проследить динамику их развития.

Понимание этой темы особенно важно сегодня, так как Национальная стратегия устойчивого развития КР до 2017 г. предусматривает обеспечение устойчивого развития страны. К сожалению, мало кто понимает, что устойчивое развитие и КСО – это одно и то же. Только об устойчивом развитии мы говорим в рамках национальном развитии страны, а о КСО – имея в виду организацию, какой вклад она может внести в развитие всей страны, при этом усиливая свои бизнес-задачи и бизнес-функции и повышая доходность.

Говоря о необходимости следовать принципам КСО, мы, как управленческие бизнес-консультанты, стараемся не использовать высоких и пафосных слов, а приводим аргументы и выгоды, понятные бизнесу.

**- Предлагаете рассматривать КСО с практической точки зрения?**

- Да, как управление и минимизацию нефинансовых (экологических и социальных) рисков. КСО – это стратегия здравого смысла, цель которой - грамотно управлять рисками, не упускать возможности, а главное - оценить эффект от такой деятельности.

Устойчивые позиции компании напрямую зависят от управления рисками как финансового, так и нефинансового характера, а практика КСО как раз предлагает структуру управления нефинансовыми рисками. В результате организации получают выгоды и оптимальные решения, позволяющие развивать персонал, повышать уровень доверия клиентов и партнеров, увеличить доступ к рынкам и инвестициям, обеспечить высокую рентабельность и устойчивость развития бизнеса.

**Общественность до сих пор воспринимает КСО как обычную социальную активность и благотворительные программы**

**Коомчулук азыркыга чейин КСЖны кадимки социалдык активдүүлүк, кайрымдуулук программалары катары кабыл алышат**

талкуулар уланып жатат, жана ал «тынчтыкты орнотуунун» адилеттүүлүгү жөнүндө талаш-тартышта бизнести күнөөкөр кылган жагдайды чагылдырат, бул негизинен бизнестин беделине терс таасирин тийгизет.

**- Ошентип, Кыргызстанда КСЖ боюнча билимдер да, окутуу да, жарыялоолор да жетишпейт. Силердин уюм кантип жардам бере алат?**

- Борбордук Азиядагы биздин (www.csr.kg) порталыбыздан КСЖ боюнча ар кандай маалыматтардын баарын табууга болот. Ага КСЖ деген эмне экенин түшүндүрүүдөн тартып, компаниянын жарыялоолорун, изилдөөлөрүн, финансылык эмес отчетторун кошууга болот, жана алар боюнча анын өнүгүшүнүн динамикасына көз салып турууга болот.

Бүгүн бул теманы түшүнүү өзгөчө маанилүү, анткени 2017-жылга чейин КРны Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы өлкөнүн туруктуу өнүгүшүн камсыз кылат. Тилекке каршы, туруктуу өнүгүү менен КСЖ – бул бир эле нерсе экенин түшүнгөндөр аз. Туруктуу өнүгүү жөнүндө гана биз улуттук стратегиянын алкагында айта алабыз, ал эми КСЖ тууралуу – бүтүндөй өлкөнүн өнүгүшүнө кандай салымын кошо ала турган, ошону менен бирге өздөрүнүн бизнес-функцияларын бекемдеген жана кирешелүүлүгүн жогорулаткан уюмдар жөнүндө болуп жатат.

КСЖнын принциптерин колдонуунун зарылдыгы тууралуу айтуу менен, биз, башкаруучу бизнес-консультанттар катары ооз көптүрүүчү жана көңүл эргитүүчү сөздөрдү колдонбой, бизнеске түшүнүктүү болгон жүйөлөрдү жана пайдалуу нерселерди айтууга аракет кылып жатабыз.

**- КСЖны практикалык көз караш менен кароону сунуштайт белеңиз?**

- Ооба, финансылык эмес (экологиялык жана социалдык) тобокелчиликтерди башкаруу жана минимумга түшүрүү катары. КСЖ – бул жүйөлүү маанинин стратегиясы, анын максаты – тобокелчиликтерди туура башкаруу, мүмкүнчүлүктү кое бербөө, а эң негизгиси – мындай ишмердүүлүктүн натыйжасын баалоо.

Компаниянын туруктуу позициялары финансылык да, финансылык эмес да мүнөздөгү тобокелчиликтерди башкаруудан түздөн-түз көз каранды болот, ал эми КСЖ тажрыйбасы так эле финансылык эмес башкаруу түзүмүн сунуш кылат. Натыйжада уюмдар персоналды өнүктүрүүгө, кардарлардын жана өнөктөштөрдүн ишенимдеринин деңгээлин көтөрүүгө, рыноктorго жана инвестицияларга жетүү мүмкүндүгүн жогорулатууга, бизнести өнүктүрүүнүн жогорку рентабелдүүлүгүн жана туруктуулугун камсыз кылууга өбөлгө түзүүчү оптималдуу чечимдерди жана пайданы алышат.

# «Мега Билим» – общественно значимый проект

# «Мега Билим» – бул коомдук маанилүү долбоор

**В секторе мобильных коммуникаций интересна практика в области корпоративной социальной ответственности сотового оператора MegaCom. По мнению экспертов, она отвечает всем требованиям устойчивых проектов социальных инвестиций.**

«Мега Билим» – это общественно значимый проект по компьютеризации и обеспечению информационной связью регионов. Важно, что компания выполняет проект системно, поэтапно, а не просто расширяет свое воздействие на территорию. Для компании это не только социальный, но и выгодный проект, потому что взамен она получает понимание общества. Компания может повысить лояльность абонентов, и если в будущем сегодняшний ученик - участник проекта не будет работать на компанию, то наверняка он останется ее клиентом.

Впервые в истории современного Кыргызстана коммерческая структура выступила с инициативой поддержки развития образования. Компания MegaCom реализовала беспрецедентный для страны проект по компьютеризации сельских школ Кыргызстана.

На решение крупного бизнеса повлияла ситуация в системе образования страны, объяснили в компании. По данным Министерства образования и науки КР на 2013 год, в республике на 59 учеников приходился всего один компьютер и только 4% школ имели доступ к Интернету.

**Мобилдик коммуникациялар секторунда MegaCom уюлдук операторунун корпоративдик социалдык жоопкерчилик жаатындагы тажрыйбасы кызыктуу. Эксперттердин пикири боюнча, ал социалдык инвестициялардын туруктуу долбоорлорунун талаптарынын бардыгына жооп берет.**

«Мега Билим» – бул региондорду компьютерлештирүү жана маалыматтык байланыш менен камсыз кылуу боюнча коомдук маанилүү долбоор. Компания аймакка өзүнүн таасирин жөн гана жайылтпастан, долбоорду системалуу, баскычтар боюнча аткарып жаткандыгы маанилүү. Компания үчүн бул социалдык гана эмес, пайдалуу дагы долбоор, анткени ордуна ал коомдун түшүнүүсүн алат. Компания абоненттердин лоялдуулугун жогорулата алат, эгерде келечекте бүгүнкү окуучу - долбоордун катышуучусу компанияда иштебесе дагы, ал сөзсүз анын кардары бойдон калат.

Азыркы Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу коммециялык түзүм билим берүүнү өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү демилгесин көтөрүп чыкты. MegaCom компаниясы Кыргызстандын айыл мектептерин компьютерлештирүү боюнча өлкөдө болуп көрбөгөн долбоорду ишке ашырды.

Ири бизнестин чечимине өлкөнүн билим берүү системасындагы кырдаал түрткү берди деп түшүндүрүштү компанияда. КР Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматтары боюнча 2013-жылга карата республикада 59 окуучуга болгону





Стартовав в сентябре 2011 года, образовательный проект «Mega Билим» за два года обеспечил комплектами «белых» компьютеров с доступом к Интернету через USB-модем 143 общеобразовательных учебных заведения республики, или 7% школ в страны. Кроме компьютеров, компания предоставила школам специальную мебель и организовала тренинги для учителей информатики. В рамках проекта совместно с Кыргызской академией образования разработано методическое пособие по информатике, которое передано школам.

«Современное мультимедийное оборудование, предоставленное компанией MegaCom через проект «Mega Билим» школам Кыргызской Республики, развивает на более высоком уровне обучение детей, содействует развитию подрастающего поколения страны и вносит весомый вклад в их будущее», - говорится в благодарственном письме министра образования и науки КР Каната Садыкова в адрес компании-мецената.

Образовательная инициатива крупного бизнеса завершилась масштабным форумом «Внедрение ИКТ и инноваций в систему образования Кыргызстана», на который съехались все учителя средних школ – участниц проекта «Mega Билим». Успешный опыт компании получил признание международных организаций. Особое внимание было уделено проекту на 48-й встрече Совета глав администраций Регионального содружества в области связи (РСС) в 2013 году. Генеральный секретарь Международного союза электросвязи (МСЭ) при ООН Хамадун Туре сказал: «Замечательно, что в Кыргызстане сотовый оператор уделяет значительное внимание школьному образованию и реализует проект «Mega Билим», одновременно воплощая миссию МСЭ – дать возможность всем жителям планеты пользоваться преимуществами ИКТ».

Продолжением проекта «Mega Билим» стал проект «Уроки мобильной грамотности», направленный на повышение осведомленности школьников и студентов о работе сотовой связи, об устройстве базовых станций, излучении электромагнитных волн, мобильном этикете и возможных случаях мобильного мошенничества. Кстати, многими советами полезно воспользоваться и взрослым пользователям, например, по этике пользования мобильной связью: «Фотографируя или снимая видео на свой мобильный, уважайте личную жизнь других людей. Спросите разрешения, прежде чем кого-то фотографировать или снимать».

Материал можно скачать на сайте компании (www.megacom.kg) для проведения открытых уроков и познавательных лекций.

бир компьютер туура келген жана мектептердин 4%ы гана Интернетти пайдаланууу мүмкүндүгүнө ээ болгон.

«MegaБилим» билим берүү долбоору 2011-жылдын сентябрында өз ишин баштап, эки жыл ичинде республиканын 143 жалпы билим берүү окуу мекемелерин же өлкөнүн мектептеринин 7%ын USB-модеми аркылуу Интернетти пайдаланууу мүмкүндүгү бар «ак» компьютерлердин комплекти менен камсыз кылды. Компьютерлерден сырткары, компания мектептерге атайын эмеректерди берди жана информатика мугалимдери үчүн тренингдерди уюштурду. Долбоордун алкагында Кыргыз билим берүү академиясы менен бирдикте информатика боюнча методикалык окуу куралы иштелип чыгып, мектептерге берилди.

«MegaCom компаниясынын «MegaБилим» долбоору аркылуу Кыргыз Республикасынын мектептерине берген заманбап мультимедиялык жабдуулары балдардын билимин жогорку деңгээлде өнүктүрөт, өлкөнүн өсүп келе жаткан муунун өнүктүрүүгө көмөктөшөт жана алардын келечегине чоң салымын кошот»,- деп айтылат Билим берүү жана илим министри Канат Садыковдун меценат-компаниянын дарегине жөнөтүлгөн ыраазычылык катында.

Ири бизнестин билим берүүчүлүк демилгеси «ИКТнын жана инновациянын Кыргызстандын билим берүү системасына киргизилиши» аттуу масштабдуу форуму менен аяктады, ага «MegaБилим» долбоорунун катышуучу-орто мектептеринин бардык мугалимдери келишти.

Компаниянын жемиштүү тажрыйбасы эл аралык уюмдар тарабынан таанылды. 2013-жылы болгон Байланыш тармагындагы регионалдык шериктештиктин (БРШ) администрация башчыларынын кеңешинин 48-жолугушуусунда долбоорго айрыкча көңүл бурулган. БУУга караштуу Эл аралык электрдик байланыш бирлигинин (ЭЭБ) Башкы катчысы Хамадун Туре төмөндөгүдөй деген: «Кыргызстанда уюлдук оператор мектептеги билим берүүгө олуттуу көңүл бургандыгы жана «MegaБилим» долбоорун ишке ашырып жаткандыгы, бир эле убакта ЭЭБнын миссиясынын жүзөгө ашырылышы – планетанын бардык жашоочуларына ИКТнын артыкчылыктарынан пайдаланууга мүмкүндүктүн берилип жатышы, эң сонун».

«MegaБилим» долбоорунун уландысы «Мобилдик сабаттуулук сабактары» долбоору болду, ал мектеп окуучулары менен студенттердин уюлдук байланыштын иши, базалык станциялардын түзүлүшү, электромагниттик толкундардын нурдануулары, мобилдик этикет жана мобилдик алдамчылыктын мүмкүн болуучу учурлары жөнүндө маалымдуулугун жогорулатууга багытталган. Айтмакчы, көптөгөн кеңештерди чоң колдонуучулардын да колдонуусу пайдалуу, мисалы, мобилдик байланышты колдонуу этикасы боюнча: «Өзүңөрдүн телефонуңарга сүрөткө же видеого тартып жатып, башка адамдардын жеке жашоосун сыйлагыла. Кимдир бирөөнү сүрөткө же видеого тартуудан мурун, андан уруксат сурагыла».

Ачык сабактарды жана маалымат арттыруучу лекцияларды өтүү үчүн материалды компаниянын (www.megacom.kg) сайтынан көчүрүп алууга болот.




# Эмиль Уметалиев: Необходимо построить систему полного доверия между властью и народом

# Эл менен бийликтин ортосундагы толук ишеним куруу системасына өтүшүбүз керек

**Известный экономист, предприниматель и общественный деятель Эмиль Уметалиев - президент компании Kyrgyz Concept, работающей в сфере туризма и образования за рубежом. В 2010 г. был министром экономического регулирования КР, в разное время возглавлял Конгресс бизнес-ассоциаций, Бишкекский деловой клуб, Кыргызскую ассоциацию туроператоров. С 2013 года является членом Рабочей группы Совета обороны Кыргызской Республики по контролю реализации Государственной стратегии антикоррупционной политики.**

***На пресс-кафе, организованном МДС, Эмиль Сатарович ответил на вопросы журналистов кыргызскоязычных СМИ.***

**- В какой сектор экономики, по Вашему мнению, сегодня лучше вкладывать инвестиции?**

- Считаю неправильным говорить, что инвестиции надо вкладывать в тот или иной сектор или в какое-то конкретное производство. Это большая ошибка. Такую информацию может распространять только тот, кто в этом заинтересован. На мой взгляд, для абсолютно всех предпринимателей должны быть хорошие условия, и если государство создаст их, то бизнесмены сами будут решать, куда им вкладывать деньги, и общее развитие будет происходить само собой.

**- Отчего интересы инвесторов могут не совпадать с мнением народа?**

- Из-за нарушений закона. Во-первых, при отсутствии демократии к власти приходят люди, которых народ не избирал, а значит, не доверяет. Во-вторых, нарушения закона - на совести у власти. Если сама власть не соблюдает законы, то и народ не будет их соблюдать. Например, почему машины на дороге выезжают на встречную полосу? На такие

**Белгилүү экономист, ишкер жана коомдук ишмер Эмил Үмөталиев туризм жана чет өлкөдө билим алуу тармагында иштеген Kyrgyz Concept аттуу компаниясынын президенти. 2010 жылы Кыргыз Республикасынын экономикалык тескөө миистирлигинин министири болгон, ар кыл учурда Бизнес-ассоциациялар Конгрессинин, Бишкек ишкерлер клубун, Кыргыз туроператорлорунун ассоциациясын башкарган. 2013 жылдан тартып, Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин коррупцияга каршы туруунун Мамлекеттик стратегиясын жүзөгө ашырууну көзөмөлдөө боюнча жумушчу тобунун мүчөсү.**

***Эл аралык ишкерлер кеңеши тарабынан уюштурулган пресс-кафеде, Эмил Сатарович кыргыз тилдүү ММКлардын журналисттеринин суроолоруна жооп берди.***

**- Инвестицияларды кайсыл жолдо, же болбосо, кайсыл бир өнөр жайга сала турганга туура болот?**

- Менин оюмча, инвестицияны бул жака же тигил жака салыш керек деген туура эмес. Бул чоң жаңылыш, анткени мындайды өзүнүн кызыкчылыгы бар адам жарыялашы мүмкүн. Менимче, ишкерлердин баары жакшы шартта болуш керек. Мамлекеттен шарт болсо, эл өзү өнүгүп кетет.

**- Ошол инвесторлор жана элдин пикири келбегендиги эмне үчүн болот?**

- Мыйзам бузуулуктан деп эсептейм. Демократия болбосо, бийликке эл шайлабаган кимдир бирөөлөр келсе, аларга каршылык болот. Экинчиден, мыйзамдын бузуулугу бийликтин мойнунда. Эгер бийлик өзү мыйзамды аткарбаса, эл дагы аткарбайт. Мисалы, эмне үчүн көчөдөгү унаалар «встречкага» чыгат? Мындай тартип бузууга жөнөкөй адамдар барбайт, ага бийликке таянгандар гана барат.

нарушения простой люд не пойдет, их совершают те, кто причастен к власти.

**- Какие работы надо проводить, чтобы уменьшить конфликты между инвесторами и населением?**

- Корень проблемы в правах народа. Считаю, это напрямую связано с отношениями власти и народа. Если есть доверие к власти, то народ будет считаться с решениями власти. Если доверия к власти нет, то народ посчитает, что решение власти – не его решение, и будет защищать свои права самостоятельно. На мой взгляд, нам в первую очередь необходимо построить систему полного доверия между властью и народом.

**- В рейтинге Всемирного банка Doing Business Кыргызстан опередил даже Турцию. Как Вы объясните это?**

- Здесь много факторов. Я сам наблюдал в Турции множество ненужных для туризма правил и ограничений, таких как лицензии и аудит. Эти ограничения защищают права тех, кто уже давно завоевал свою долю рынка, но связывают по рукам и ногам предпринимателей, только начинающих деятельность. То, что мы убрали ограничивающие правила, стало одним из прогрессивных шагов, опережающих даже практики многих развитых стран.

**- Какова роль кыргызского языка в развитии предпринимательства?**

- Этот вопрос касается не только предпринимательства. Какой язык понимает большинство населения, на таком языке и должна работать государственная служба. Общественные организации также должны быть готовы обеспечивать ведение своих дел на языке, удобном для большинства населения. А предприниматели – это тоже часть народа.

**- Можно ли проводить большие международные конференции в Кыргызстане на кыргызском языке?**

- К этому и идет, в прошлом году форум «Мекендештер» проходил на русском языке, а в этом году многие уже говорили на кыргызском. Я свою презентацию провел на кыргызском, но были и выступления на русском, и к ним нужно проявлять толерантность. Большая проблема: заявляем, что будем говорить на кыргызском языке, а сами продолжаем идти на поклон к бывшему соседу. Изменилось ли

**- Инвесторлор жана эл ортосунда чыр чатактарды азайтуу үчүн кандай иш жүргүзүш керек?**

- Түпкү маселе, элдин укугунда. Бул түздөн-түз эл менен бийликтин ортосундагы мамиле деп эсептейм. Эгерде бийликке ишеним болсо, анда эл бийлик чыгарган чечимдерге макул болот. Эгер ишеним жок болсо, анда эл биздин чечим эмес деп, өзүнүн укугун коргогонго аракет кылышат. Менимче, биз эл менен бийликтин ортосундагы толук ишеним куруу системасына өтүшүбүз керек.

**- «Doing Business» рейтингинде Кыргызстан Туркиядан да кичине алдыга чыгыптыр. Мунун себеби эмнеден деп ойлойсуз?**

- Ал жерде көптөгөн факторлар бар. Мен өзүм Туркияга барганда, туризмдеги керексиз эрежелер, «лицензия», «аудит» системалар сыяктуу чектөөлөр чын эле көп экендигин көрүп келдим. Бул чектөөлөр рынокту ээлеп алгандардын укугун коргоп, жаңы ишкерлердин шагын бууп турат экен. Биз мындай эрежелерди алып салганыбыз биздин прогрессивдүү кадамдарыбыздын бири болду. Бул чечим биздин өнүгүп келе жаткан өлкөбүздү, өнүккөн өлкөлөрдөн дагы алдыга жылдырган бир шарт.

**- Ишкердикти өнөктүрүүдө, кыргыз тилдин ролу кандай?**

- Бул ишкерликтин гана иши эмес. Элдин көпчүлүгү кайсы тилде түшүнсө, ошол тилде мамлекеттик кызмат сунушталыш керек. Коомдук уюмдардын да көпчүлүк элге арналган иштери ошол элдин талабына жооп берген тилинде сунушталышы зарыл. Ишкерлер ошол элдин ичиненда.

**- Эл аралык чоң конференцияларды Кыргызстанда кыргыз тилинде өткөргөнгө мүмкүнчүлүк барбы?**

- Ансыз деле ошого бара жатат, былтыр «Мекендештер» форуму орусча эле өткөндөй, быйыл көбүнчөсү кыргызча сүйлөдү. Мен презентацияма кыргызча айттым, бирок орусча сүйлөгөндөр деле болду, аларга сабырлык кылыш керек. Андан чоң маселе бул кыргыз тилибизде сүйлөйбүз



Эмиль Уметалиев беседует с журналистами кыргызскоязычных СМИ на пресс-кафе, организованном МДС.
Эмил Үмөталиев Эл аралык ишкерлер кеңеши тарабынан уюштурулган пресс-кафеде кыргыз тилдүү ММКлардын журналисттери менен маектешүүдө.

их отношение к нам, или же, как и раньше, мы продолжаем существовать в условиях отсутствия равноправия, - мы и сами еще не разобрались.

**- Дает ли пользу рыночной экономике то доверие к государству, которое осталось еще со времен Советского Союза?**

- В постсоветских странах к власти приходят состоятельные люди, которые, пользуясь властью, богатеют еще больше, в связи с этим и попираются права простого народа. В демократической стране у тех, кто хочет работать на государственной службе, не должно быть никакой связи с бизнесом. У нас же те, кто идут на госслужбу, стараются работать только в своих интересах. Само государство также чрезмерно вмешивается в рыночные отношения. Поэтому народ и сопротивляется, насколько позволяют силы. В демократической стране государство работает только на основе закона. У нас же закон отвечает не требованиям народа, а требованиям тех, кто приближен к принятию законов.

**- При Советском Союзе государство предоставляло людям жилье, образование, а что сегодня ожидать от государства тем, у кого нет ни того, ни другого?**

- Социалистическое государство обманывало нас всех, что мы все идем к коммунизму. Но сейчас нас тоже обманывают, заверяя, что наше государство «социально ориентированное». Обещают, например, что построят школу, но все построенные школы становятся коррумпированными. Поэтому в своих обещаниях нынешняя власть мало чем отличается от прошлой.

**- В чем же выход?**

- Родители отводят детей в школу, поручая ей образование, и занимаются своими делами. Считаю, что именно родители должны контролировать учебный процесс, объединяясь на общественных началах, и пока они сами не начнут руководить этим процессом, ничего не изменится.

**- Вы и сами создали одну из таких школ?**

- Я принимал участие в создании такой школы, чтобы подать пример другим. Пять семей организовали Европейскую Школу в Центральной Азии. И этот опыт - пример для других. Сегодня мы живем по инерции с советских времен, когда считалось, что школа – это не наше дело. У индусов, обученных этому британцами, например, другие стандарты: совещаясь коллективно, родители выбирают преподавателей для школ. В Индии при этом самое большое в мире количество школ, основанных местными сообществами.

**- Насколько сложно построить школу или детский сад?**

- Трудности возникают из-за того, что государство погрязло в коррупции. Например, по данным из Джалал-Абада, очень сложно открыть детский сад, потому что, кроме разрешения государства, еще очень много кому надо дать на «лапу». Вместо того, чтобы поддержать людей, государство само чинит препятствия, не облегчая, а наоборот, создавая невыносимые условия.

дейбиз дагы, кайра эле мурунку кошунабыздын астына барып жагынып жатабыз. Алардын мамилеси бизге өзгөрүлдүбү, же мурункудай эле теңсиздикте кармагысы келеби, аны толук түшүнө элекпиз.

**- Советтик Союздан калган мамлекетке ишеним, азыркы базар экономикасына пайда береби же бербейби?**

- Постсоветтик өлкөлөрдө бай адамдар бийликти кармап алышат жана бийликтин күчү менен ого бетер байышат, ошентип элдин кызыкчылыгын тебелеп тепсеп жатышат. Демократиялык мамлекетке кызмат кылам деген кишилердин бизнес менен мамилеси үзүлүш керек. Бизде болсо, мамлекетке баргандар өзүнүн кызыкчылыгын ишке ашырып жатышат. Мамлекет өзү рынокко өтө көп кийлигишет. Ошондуктан эл күчү жеткенче каршылыгын көрсөтүп жатышат. Демократиялык өлкөдө, мамлекет мыйзам менен иштейт. Бизде болсо, мыйзам элдин талабын эмес, мыйзам курууга жакындап калгандардын талабын коргоп жатат.

**- Советтик Союз убагында, мамлекет элге үй берчүү, билим берчү, бирок азыркы үйү жок, билими жок кишилер мамлекеттен эмнени күтүшөт? Азыркы мамлекеттин ролу кандай өзгөрдү?**

- Социалистик мамлекет баарыбызды коммунизмге алпарабыз деп, алдап кетишти. Бирок андан кийинки мамлекет бары бир эле «социально ориентированные» деп алдап келе жатат. Биз силерге мектеп курабыз дешет, бирок курган мектептердин баары коррупцияга айланып жатат. Ошентип «биз кылабыз, биз кылабыз» деп, мурдагы мамлекеттен айырмасы толук болбой жатат.

**- Бул маселени чечүү жолу кандай?**

- Ата-энелер балдарын мектепке жеткизип, тапшырып койот дагы, качып кетет мектептен. Азыр эне-аталар көзөмөл кылып, жамааттык күч менен топтолуп, мектептерди куруп, ошол жерди башкарбаса эч качан оңолбойт.

**- Сиздер ушулга окшош мектеп кургансыздарда?**

- Негизи ага аралашканым, башкаларга үлгү болсун дегем. Беш эле үй-бүлөө Борбор Азиядагы Европалык Мектепти орнотуп койгон. Бул тажрыйба - элге үлгү. Бүгүн болсо, биз Советтик Союз учурундагы инерция менен жашап келе жатабыз, мектеп биздин иш эмес деп жүрөбүз. Индустар болсо, британдар үйрөткөндөй, мектептин адистерин өздөрү чогуу акылдашып тандашат. Бүгүнкү күндө, индус аймактарында жамааттык мектептер эң көп болуп эсептелет экен.

**- Мектеп же бала бакча курганда кыйынчылыктар барбы?**

- Кыйынчылык бар, анткени мамлекет коррупция кызыкчылыгы менен колунан чыгаргысы келбейт. Мисалы, Жалал- Абад жактан кабар: бир бала-бакча ачыш, ушунчалык оор дейт, мамлекеттен уруксат алуу, анан ар бирөөнүн колуна дейт кандайдыр бир суммаларды берүүнү айтты. Ошондой бала-бакча ача турган кишилерди колдогондун ордуна, мамлекет мыйзам аркылуу тосколдук кылып, шартты жеңилдеткендин ордуна кайра оор кылып жатышат.



# Успешный предприниматель - сильная страна

# Ийгиликтүү ишкер – күчтүү өлкө

**Фархад ПАКЫРОВ,**
**менеджер по инвестициям Ассоциации молодых предпринимателей «ЖИА»**

**Основной целью нашей ассоциации, созданной в 2006 году, является защита прав предпринимателей, а также представление их интересов во всех сферах общественной жизни.**

Вначале ЖИА объединяла 10-15 предпринимателей, в основном это были молодые люди, которые учились за рубежом и были знакомы с миссией бизнес-ассоциаций. Сегодня мы объединяем более 400 членов по всему Кыргызстану, включая компании и частных предпринимателей. При вступлении в Ассоциацию ограничений нет, кроме тех, кто работает в сфере производства алкоголя, табака, вредных химикатов и оружия.

Мы стараемся активно поддержать предпринимателей во всех регионах, у нас есть офисы в Таласе, Оше и Джалал-Абаде, в остальных регионах работают наши представители. В Ошское представительство входят более 100 предпринимателей, в Таласское – более 30. Планируем постепенно охватить все регионы Кыргызстана.

Миссия Ассоциации молодых предпринимателей – продвижение ценностей патриотизма, демократии и толерантности в Кыргызстане путем развития частного предпринимательства.

Наша Ассоциация предоставляет своим членам информацию о проводимых тендерах, ярмарках, семинарах, тренингах и выставках в виде рассылки. У предпринимателей нет времени искать эту информацию по различным источникам.

Мы регулярно проводим встречи с общественными деятелями, видными предпринимателями, международными экспертами, а также семинары и тренинги для своих членов. Например, одна из последних встреч была с известным американским экспертом и инвестором в области инфор-

**Фархад ПАКЫРОВ,**
**«ЖИА» жаш ишкерлер ассоциациясынын инвестициялар боюнча менеджери**

**2006-жылы түзүлгөн биздин ассоциациянын негизги максаты болуп ишкерлердин укуктарын коргоо, ошондой эле коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө алардын кызыкчылыктарын көрсөтүү эсептелет.**

Адегенде ЖИА 10-15 ишкерди бириктирген, негизинен алар чет өлкөлөрдө окушкан жана бизнес-ассоциациянын миссиясы менен тааныш болушкан жаштар болчу. Бүгүн биз бүтүндөй Кыргызстан боюнча компанияларды жана жеке ишкерлерди кошкондо 400 мүчөнүн башын кошуп турабыз. Ассоциацияга кирип жатканда алкоголду, тамекини, зыяндуу химикаттарды жана курал-жарактарды чыгаруучу чөйрөдө иштегендерден башкасына чектөөлөр коюлбайт.

Биз бардык региондордогу ишкерлерге активдүү колдоо көрсөтүүгө аракет кылып жатабыз, биздин Таласта, Ошто жана Жалал-Абадда кеңселерибиз бар, калган региондордо биздин өкүлдөрүбүз иштейт. Оштогу өкүлчүлүккө 100 дөн ашык, Таластагыга -30дан ашык ишкер кирет. Кыргызстандын бардык региондорун акырындык менен камтууну пландаштырып жатабыз.

Жаш ишкерлер ассоциациясынын миссиясы – жеке ишкердикти өнүктүрүү жолу менен Кыргызстанда патриоттуулуктун, демократия менен толеранттуулуктун баалуулуктарын алга жылдыруу.

Биздин Ассоциация өткөрүлүп жаткан тендерлер, жарманкелер, семинарлар, тренингдер жана көргөзмөлөр жөнүндө маалыматтарды өзүнүн мүчөлөрүнө жөнөтүүлөр түрүндө беришет. Бул маалыматтарды ар кандай булактардан издөөгө ишкерлердин убакыты болбойт.

Биз коомдук ишмерлер, көрүнүктүү ишкерлер, эл аралык эксперттер менен жолугушууларды, ошондой эле өзүбүздүн

мационно-коммуникационных технологий Бенджамином Сливкой, который более десяти лет работал в компании Майкрасофт. В этом году мы провели 24 мероприятия, в которых участвовали более 500 бизнесменов.

Для наших членов мы оказываем консультационную поддержку по вопросам маркетинга, бизнеса, по юридическим вопросам, налогам. В этом году мы дважды провели акцию «Бесплатные юридические консультации» не только для членов, но для всех предпринимателей, распространив информацию через социальные сети.

Наша ассоциация участвует и организует форумы и конференции государственного уровня, например, ежегодный Кыргызско-турецкий форум. В прошлом году ЖИА совместно с Жогорку Кенешем КР и Посольством КР в США провели первый Кыргызско-американский бизнес-форум в Вашингтоне. В этом форуме приняли участие 55 предпринимателей из Кыргызстана, а также представители кыргызской диаспоры за рубежом. Как результат форума, в сентябре 2014 года планируется проведение II Кыргызско-Американского международного бизнес-форума в Бишкеке. Летом к нам приезжали эксперты из США, которые провели экономическое исследование, выявили потенциальные направления экономики Кыргызстана, которые могут заинтересовать американских предпринимателей. Кроме того, совместно с диаспорой Кыргызстана в Турции - Обществом дружбы и культуры Кыргызстана мы провели бизнес-форум «Кыргызстан» в Стамбуле.

Последние два года мы организуем деловые поездки наших предпринимателей за рубеж, потому что бизнес в Кыргызстане молодой, и нам надо многому учиться – как вести бизнес, внедрять новые технологии. В прошлом году мы организовали много таких поездок в США, Турцию, Китай, Азербайджан, Россия и другие страны. За год наши предприниматели побывали в восьми странах. Во время поездки, как правило, организуем посещения ведущих профильных предприятий, отраслевых и тематических выставок, а также проведение встреч для налаживания деловых контактов и обмена опытом. В октябре 2014 года предстоит деловая поездка в Токио, где планируется проведение Первого Кыргызско-Японского бизнес-форума.

В рамках проекта «Мы – партнеры» предприниматели посещают различные предприятия, объекты и офисы членов ассоциации. Целью проекта является создания платформы для налаживания контактов, обмена опытом и возможностями среди членов ассоциации. В этом году мы организовали визит на 19 предприятий.

Еще одна наша услуга – это поддержка наших членов квалифицированными кадрами, для этого у нас есть кадровое агентство. Но бывает так, что не можем найти нужного работника полгода, и это в то время, когда в стране много безработных. Не найдя нужных специалистов в Кыргызстане, наши предприниматели вынуждены приглашать на работу иностранцев.

мүчөлөрүбүз үчүн семинарларды жана тренингдерди такай өткөрүп турабыз. Мисалы, акыркы жолугушуулардын бири маалыматтык-технологиялар жаатындагы белгилүү америкалык эксперт жана инвестор Бенджамин Сливка менен болду, ал Майкрасофт компаниясында он жылдан ашуун иштеген. Ушул жылы биз 24 иш-чара өткөрүп, ага 500дөн ашуун бизнесмен катышты.

Мүчөлөрүбүз үчүн биз маркетинг, бизнес, юридикалык, салык маселелери боюнча консультациялык колдоо көрсөтөбүз. Бул жылы биз маалыматты социалдык тармактар аркылуу таратуу менен, мүчөлөргө гана эмес, ишкерлердин бардыгы үчүн эки жолу «Акысыз юридикалык консультациялар» акциясын өткөрдүк.

Биздин ассоциация мамлекеттик деңгээлдеги форумдарга жана конференцияларга катышат жана уюштурат, мисалы, жыл сайын өтүлүүчү Кыргыз-түрк форуму. Өткөн жылы ЖИА КРнын Жогорку Кеңеши жана КРнын АКШдагы Элчилиги менен бирдикте Вашингтондо биринчи Кыргыз-америкалык бизнес-форумун өткөрдүк. Бул форумга Кыргызстандан 55 ишкер, ошондой эле чет өлкөлөрдөгү кыргыз диаспораларынын өкүлдөрү катышты. Форумдун натыйжасы катары, 2014-жылдын сентябрында II Кыргыз-Америкалык эл аралык бизнес-форумду Бишкекте өткөрүү пландаштырылып жатат. Жайында бизге АКШдан эксперттер келишип, экономикалык изилдөөлөрдү жүргүзүшүп, Кыргызстандын экономикасынын америкалык ишкерлерди кызыктыра турган потенциалдуу багыттарын ачып көрсөтүштү. Андан сырткары, Кыргызстандын Түркиядагы диаспорасы – Кыргызстандын достук жана маданият коому менен бирдикте биз Стамбулда «Кыргызстан» деп аталган бизнес-форумду өткөрдүк.

Акыркы эки жылда биз чет өлкөлөргө биздин ишкерлерибиздин иштиктүү сапарларын уюштуруп жатабыз, анткени Кыргызстанда бизнес жаш, жана биз көптү үйрөнүшүбүз керек – бизнести кантип жүргүзүүнү, жаңы технологияларды киргизүүнү. Өткөн жылы биз АКШга, Түркияга, Кытайга, Азербайжанга, Россияга жана башка өлкөлөргө бир топ мындай сапарларды уюштурганбыз. Жыл ичинде биздин ишкерлер сегиз өлкөдө болуп кайтышты. Сапардын учурунда, адатта, алдыңкы профилдик ишканаларга, тармактык жана тематикалык көргөзмөлөргө барууну, ошондой эле иштиктүү алакаларды жөнгө салуу жана тажрыйба алмашуу үчүн жолугушууларды өткөрүүнү уюштурабыз. 2014-жылдын октябрында Токиого иштиктүү сапар тартуу алдында турабыз, ал жерде Биринчи Кыргыз-Япон бизнес-форумун өткөрүү пландаштырылып жатат.

«Биз – өнөктөшпүз» долбоорунун алкагында ишкерлер ар кандай ишканаларга, объектилерге жана ассоциация мүчөлөрүнүн кеңселерине барышат. Долбоордун максаты болуп алакаларды жөнгө салуу, ассоциациянын мүчөлөрүнүн арасында тажрыйба менен мүмкүндүктөрүн алмашуу үчүн платформа түзүү саналат. Ушул жылы биз 19 ишканага барууну уюштурдук.

Дагы бир биздин кызмат көрсөтүүбүз – бул мүчөлөрүбүзгө квалификациялуу кадрлар жагынан көмөк көрсөтүү, бул үчүн бизде кадрдык агенттигибиз бар. Бирок өлкөдө көптөгөн жумушсуздар бар убакта, керек болгон кызматкерди жарым жылдай таба албай калган учурларыбыз болуп калат. Керектүү

Для того чтобы восполнить эти пробелы, мы сотрудничаем со многими вузами страны, регулярно проводим там семинары. Сегодня среди молодежи бытует мнение, что здесь у них нет перспективы и после окончания вуза надо ехать в Россию или США. Мы стараемся разубедить их, организуем встречи с успешными бизнесменами, проводим «лекции воодушевления». Часто встречи проводят предприниматели, которые обучались за рубежом и успешно ведут бизнес в Кыргызстане. Мы организуем экскурсии на успешные предприятия, где студенты непосредственно знакомятся с производством.

ЖИА участвует в различных проектах по улучшению социально-экономической ситуации в стране. При поддержке нашей ассоциации, методом ашара, создана школа «Кут Билим» в селе Байтик Чуйской области. Это интернет-школа, в которой работают высококвалифицированные преподаватели. Кстати, офис нашей ассоциации тоже построен методом ашара, предприниматели поддержали нас, чтобы мы работали во благо нашей страны.

Для привлечения и поддержки иностранных инвестиций при ассоциации функционирует отдел JIAinvest, который сотрудничает с аналогичными структурами зарубежных организаций. У нас есть партнеры в Казахстане, Турции, России, Китае, США. Они обращаются к нам, когда сюда едут их предприниматели, а мы – к ним, когда нашему предпринимателю что-то понадобится в их стране. Мы также активно работаем с посольствами зарубежных стран в Кыргызстане.

Проект “ЖИА завтрак” –это регулярные утренние встречи предпринимателей с представителями государства. С госструктурами мы сотрудничаем по вопросам улучшения законопроектов, планирования, создания благоприятных условий для предпринимателей.

В настоящее время работаем над ребрендингом ассоциации, потому что слова «молодой предприниматель» у нас воспринимают не совсем серьезно. Мы будем называться «Бизнес-ассоциация ЖИА».

адистерди Кыргызстандан таба албаган соң, биздин ишкерлер чет элдиктерди жумушка чакырууга аргасыз болушат.

Мындай кемчиликтердин ордун толтуруу үчүн биз өлкөнүн көптөгөн ЖОЖдор менен кызматташып жатабыз, ал жактарда семинарларды такай өтүп турабыз. Бүгүн жаштар арасында бул жакта келечегибиз жок жана окууну бүткөндөн кийин Россияга же АКШга кетиш керек деген пикирлер айтылып жүрөт. Биз аларды ойлогон ойлорунан кайтарууга аракет кылып, ийгиликке жетишкен бизнесмендер менен жолугушууларды уюштуруп, «шыктандыруучу лекцияларды» өткөрөбүз. Көп учурларда жолугушууларды чет өлкөлөрдө окуп келишкен жана Кыргызстанда бизнестерин ийгиликтүү жүргүзүп жатышкан ишкерлер өткөрүшөт. Биз ийгиликке жетишкен ишканаларга экскурсияларды уюштурабыз, ал жакта студенттер өндүрүш менен түздөн-түз таанышат.

ЖИА өлкөнүн социалдык-экономикалык жагдайын жакшыртуу боюнча ар кандай долбоорлорго катышып келет. Биздин ассоциациянын көмөк көрсөтүүсүнүн астында, ашар ыкмасы менен, Чүй облусунун Байтик айылында «Кут Билим» мектеби курулду. Бул интернет-мектеп, анда жогорку квалификациялуу окутуучулар иштешет. Айтмакчы, биздин ассоциациянын кеңсеси да ашар ыкмасы менен курулган, өлкөнүн жыргалчылыгы үчүн иштесин деп бизге ишкерлер колдоо көрсөтүштү.

Чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу жана аларга колдоо көрсөтүү үчүн ассоциациянын алдында JIAinvest бөлүмү иштейт, ал чет элдик уюмдардын ушул сыяктуу түзүмдөрү менен кызматташат. Биздин Казакстанда, Түркияда, Россияда, Кытайда, АКШда өнөктөштөрүбүз бар. Алардын ишкерлери бизге келе жатканда алар бизге кайрылышат, биздин ишкерлерге алардын өлкөсүнөн бир нерсе керек болуп калса, биз аларга кайрылабыз. Биз Кыргызстандагы чет өлкөлөрдүн элчиликтери менен да жигердүү иштешебиз.

“ЖИА -эртең мененки тамак” долбоору - бул ишкерлердин мамлекеттин өкүлдөрү менен эртең менен такай жолугушуусу. Мамтүзүмдөр менен биз мыйзамдарды жакшыртуу, пландаштыруу, ишкерлер үчүн жагымдуу шарттарды түзүү маселелери боюнча кызматташабыз.

Азыркы учурда биз ассоциациянын брендин өзгөртүүнүн үстүнөн иштеп жатабыз, анткени бизде «жаш ишкер» деген сөзгө өтө маани беришпейт. Биз «ЖИА бизнес-ассоциациясы» деп аталабыз.




При поддержке ЖИА методом ашара построена школа «Кут Билим» в селе Байтик Чуйской области.

ЖИАнын колдоосу менен ашар ыкмасы аркылуу Чүй облусунун Байтик айылында «Кут Билим» аттуу мектеп курулган.

## Чуйская область

Удельный вес Чуйской области в общем объеме производства промышленной продукции республики составляет 40,3%.

В 2014 году ожидается увеличение объема инвестиций, привлекаемых в Чуйскую область. В 2013 году в область было привлечено более 15 млрд. сомов инвестиций, в этом году планируется увеличить объем до 16-17 млрд. Основными инвесторами в области являются представители Китая.

В Чуйской области работают крупные предприятия, созданные китайскими инвесторами. Они разрабатывают золоторудное месторождение Талды-Булак Левобережный, построили нефтеперерабатывающий завод «Джунда». Кроме этого, в 2014 году за счет китайских инвестиций ожидается строительство заводов по выпуску взрывчатых веществ.

В Чуйской области в этом году планируют построить «с нуля» три предприятия. В Кеминском районе построят цементный завод мощностью миллион тонн в год. Китайские компании планируют построить два предприятия по выпуску взрывчатых веществ - в Кеминском и Панфиловском районах. Кроме того, есть инвесторы, которые готовы построить завод по выпуску кафеля.

В Сокулукском районе ожидается запуск предприятия по выпуску пива и прохладительных напитков. Отечественный инвестор при кредитной поддержке Азиатского банка развития вложил около миллиарда сомов. Ожидается, что по качеству продукция завода не будет уступать западным товарам.

В области есть предприятия, которые имеют долги и сезонные проблемы. Например, завод по изготовлению стекла «Интергласс» сталкивается с сезонными проблемами - переизбытком готовой продукции. Зимой из-за снижения объема строительных работ по всей республике спрос на их продукцию значительно снизился.

Из-за малых заказов испытывает трудности Каиндинский кабельный завод, который работает не на полную мощность, поэтому его рентабельность низкая. В правительстве считают, что при проведении тендеров на госзаказы государство должно отдавать предпочтение предприятиям с государственной долей. Это нужно решать на законодательном уровне. К примеру, 24% акций Каиндинского кабельного завода принадлежат государству.

В целом по области стабильно работали 114 предприятий. В 2013 году введены в действие новые предприятия и возобновили свою работу 231 хозяйствующий субъект промышленного направления. Из них 29 промышленных предприятий и 24 цеха, где создано 2420 рабочих мест.

За 2013 год промышленные предприятия Чуйской области произвели продукции на 66 млрд. сомов, что почти на 18 млрд. сомов больше, чем в 2012 году.

## Чүй облусу

2014-жылы Чүй облусуна тартылган инвестициялардын көлөмүнүнүн көбөйүшү күтүлүүдө. 2013-жылы облуска 15 млрд. сомдон ашык инвестиция тартылган, ал эми бул жылы анын көлөмүн 16-17 млрд. сомго чейин көбөйтүү пландаштырылып жатат. Облустун негизги инвесторлорунан болуп Кытайдын өкулдөрү саналат.



Чүй облусунда кытай инвесторлору тарабынан түзүлгөн ири ишканалар иштейт. Алар Сол жээк Талды-Булак алтын кенин иштетип жатышат, мунайды кайра иштетүүчү «Джунда» заводун курушту. Андан сырткары, 2014-жылы кытай инвестицияларынын эсебинен жардыруучу заттарды чыгаруу боюнча заводду куруу күтүлүп жатат.

Чүй облусунда ушул жылы үч ишкананы «башынан баштап» курууну пландаштырып жатышат. Кемин районунда кубаттуулугу жылына миллион тонна болгон цемент заводу курулат. Кытай компаниялары Кемин жана Панфилов райондорунда жардыруучу заттарды чыгаруу боюнча эки ишкананы курууну пландаштырышууда. Андан сырткары, кафель чыгаруучу заводду курууга даяр инвесторлор бар.

Сокулук районунда сыра жана сергитүүчү суусундуктарды чыгаруучу ишканалардын ишке киргизилиши күтүлүүдө. Ата мекендик инвестор Азия өнүктүрүү банкынын насыялык колдоосу менен миллиардга жакын сом салды. Сапаты боюнча заводдун продукциясы батыш товарларынан кем калышпай тургандыгы күтүлүүдө.

Облуста карыздары жана сезондук көйгөйлөрү бар ишканалар бар. Мисалы, «Интергласс» айнек чыгаруу заводу сезондук





29 августа 2014 года состоялась церемония закладки капсулы под строительство крупного цементного завода в Кеминском районе Завод будет строиться на инвестиционные средства китайской компании «Zeth cement». Площадь завода составляет 30 га. Компания «Zeth cement» обладает большим опытом проектирования и строительства крупных производственных предприятий, в том числе цементных заводов. В активе компании свыше 200 спроектированных и построенных цементных заводов по всему миру.

Строительство такого крупного завода в Кемине даст мощный стимул для еще большего развития строительной отрасли страны. В структуре экономики Кыргызстана одной из стабильно развивающихся отраслей является строительная отрасль, которая дает ежегодный рост не меньше 20%. Спрос на цемент всегда будет расти. Ожидается, что новый завод мощностью 1,2 млн. тонн, уже к 1 сентябрю 2015 года выпустит первую партию цемента. Общая сумма привлеченных инвестиций превысит 70 млн. долларов. Будут созданы до 1 тыс. рабочих мест. Объем ежегодных налоговых платежей может достигнуть 1 млрд. сомов.

Традиционно сельские товаропроизводители Чуйской области выращивают различные зерновые, колосовые культуры и многолетние травы. Из-за низких закупочных цен они не могут поправить своё экономическое положение, и в этом году решили выращивать высокодоходную культуру - фасоль. Фермеры посеяли фасоль на 150 гектарах.



Средняя урожайность зерновых в Кыргызстане на треть меньше по сравнению с прошлым годом, сообщили в Министерстве сельского хозяйства и мелиорации.

В этом году урожайность составила 18 центнеров с гектара, что на 8,4 центнера меньше, чем в прошлом году. Больше всего убрано урожая зерновых в Чуйской области, потому что здесь самая большая площадь посевов зерновых - 77,5 тысячи гектаров.

көйгөйлөргө дуушар болуп жатат, б.а. даяр продукция өтө ашык. Кышкысын курулуш иштеринин көлөмүнүн азайышынан улам бүтүндөй республика боюнча алардын продукциясына болгон талап азаят.

Буюртмалардын аздыгынан улам Кайыңды кабель заводу кыйынчылыктарга тушугуп жатат, ал толук кубаттуулукта иштебей келет, ошондуктан анын рентабелдүүлүгү төмөн. Өкмөттө мамбуюртмаларга тендерлерди өткөрүүдө мамлекет мамлекетттин үлүшү бар ишканаларга артыкчылык берүүгө тийиш деп эсептейт. Муну мыйзамдын деңгээлинде чечүү керек. Мисалга алсак, Кайыңды кабель заводунун акцияларынын 24%ы мамлекетке таандык.

Республиканын өнөр жай продукцияларын чыгаруунун жалпы көлөмүндө Чүй облусунун үлүштүк салмагы 40,3%ды түзөт.

Жалпысынан облус боюнча 114 ишкана стабилдүү иштеди. 2013-жылы жаңы ишканалар ишке киргизилди жана өнөр жай багытындагы 231 чарбачылык субъекти өздөрүнүн ишин жандандырышты. Алардын ичинен 29 өнөр жай ишканасы менен 24 цехте 2420 жумуш оруну түзүлгөн.

2013-жылда Чүй облусунун өнөр жай ишканалары 66 млрд. сомдун продукциясын өндүрүшкөн, бул 2012-жылга караганда дээрлик 18 млрд. сомго көп.

2014-жылдын 29-августунда Кемин районундагы ири цемент заводунун курулушунун пайдубалын түптөө аземи болуп өттү. Завод «Zethcement» кытай компаниясынын инвестициялык каражаттарына курулмакчы. Заводдун аянты 30 га жерди ээлейт. «Zethcement» компаниясы ири өнөр жай ишканаларын, анын ичинде цемент заводдорун долбоорлоодо жана курууда зор тажрыйбага ээ. Компаниянын активинде дүйнө жүзү боюнча 200дөн ашык долбоорлонгон жана курулган цемент заводдору бар.

Мындай ири заводдунЕеминде курулуп жатышы өлкөнүн курулуш тармагынын андан ары да өнүгүшү үчүн кубаттуу түрткү берет. Кыргызстандын экономикасынын түзүмүндө туруктуу өнүгүп келе жаткан тармактарынын бири болуп курулуш тармагы эсептелет, анын ар жыл сайын өсүшү 20 пайыздан кем эмес. Цементке болгон талап дайыма өсө берет. Кубаттуулугу 1,2 млн. тонна болгон жаңы завод 2015-жылдын 1-сентябрына карата цементтин биринчи партиясын чыгарары күтүлүп жатат. Тартылган инвестициянын жалпы суммасы 70 млн. доллардан ашат. 1 миңге жакын жумуш орундары түзүлөт. Салык төлөмдөрүнүн ар жылдык көлөмү 1 млрд. сомго жетиши мүмкүн.

Чүй районунун айыл чарба товарларын өндүрүүчүлөрү адаттагыдай эле дан эгиндерин, көп жылдык чөптөрдү өстүрүшөт. Сатып алуу бааларынын төмөндүгүнөн улам алар өздөрүнүн экономикалык абалын оңдой албай келишет, жана бул жылы жогорку пайда алып келүүчү өсүмдүк – төө буурчакты өстүрүп көрүүнү чечишти. Фермерлер төө буурчакты 150 гектар жерге айдашкан.

Кыргызстанда дан эгиндеринин орточо түшүмдүүлүгү өткөн жылга салыштырганда үчтөн бирге аз экенин билдиришти

## Баткенская область

Компания «Южно-Кыргызский Цемент» является одним из крупных проектов с объемом инвестиций около 100 миллионов долларов США. Высокое качество сырьевых компонентов, а также современное оборудование и прогрессивная технология производства обеспечивают выпуск цемента, соответствующего международным стандартам.

Кадамжайский сурьмяной комбинат, построенный в 1936 году, являлся единственным по производству сурьмы в бывшем Советском Союзе. Комбинат является высокотехнологическим промышленным комплексом, производящим все марки металлической сурьмы и ее соединений. Продукция предприятия имеет высокую репутацию на мировом рынке из-за ее высокого качества и отсутствия вредных примесей, таких, как селен, ртуть, мышьяк и продается на Лондонской бирже металлов.

В 2013 году ОАО «Кадамжайский сурьмяный комбинат» выпустил продукции на 664,6 млн. сомов (1474,1тн сурьмы), с темпом роста 127% по сравнению с 2012 годом.

С января 2014 года сурьмяное производство простаивает из-за отсутствия сырья. При этом комбинат обеспечивает 30% налоговых поступлений в бюджет Кадамжайского района. Необходима модернизация оборудования, для чего требуется порядка 11 млн. сомов.

Ртутный комбинат в городе Айдаркен, построенный в 1941 году, производил около 70% от всего объема ртути в бывшем Советском Союзе. Кыргызстан владеет большими запасами месторождения ртути, и самым крупным из них является Хайдаркан. После закрытия шахты «Альмаден» в Испании в 2004 году, Кыргызстан стал практически единственным в мире, после Китая, крупным производителем первичной ртути.



Айыл чарба жана мелиорация министрлигинде. Бул жылы түшүмдүүлүк гектарына 18 центнерди түздү, бул өткөн жылга караганда 8,4 центнерге аз. Чүй облусунда түшүмдү баарыдан көп чогултушту, анткени бул жерде дан эгиндери айдалган аянттар эң чоң, б.а. 77,5 миң гектарды түзөт.

## Баткен облусу

«Түштүк-Кыргыз Цемент» компаниясы инвестициясынын көлөму 100 миллион АКШ доллары болгон эң ири долбоорлордун бири болуп саналат. Сырьелук компоненттеринин жогорку сапаты, ошондой эле заманбап жабдуулар жана өндүрүштүн алдыңкы технологиясы эл аралык стандарттарга туура келген цементтин чыгарылышын камсыз кылат.



1936-жылы курулган Кадамжай сурьма комбинаты мурунку Советтер Союзунда сурьма өндүрүү боюнча жалгыз комбинат болуп саналган. Комбинат металлдык сурьманын жана анын кошулмаларынын бардык маркаларын чыгаруучу жогорку технологиялуу өнөр жай комплекси болуп эсептелет. Ишкананын продукциясы анын сапатынын жогорулугунан жана селен, сымап, мышьяк сыяктуу зыяндуу аралашмалардын жоктугунан улам дүйнөлүк рынокто жогорку абройго ээ жана металлдардын Лондон биржасында сатылат.

2013-жылы «Кадамжай сурьма комбинаты» ААК 664,6 млн. сом суммасына (1474,1тонна сурьманы) продукцияларды чыгарган, 2012-жылга салыштырганда анын өсүү темпи 127%ды түзгөн.

2014-жылдын ярварынан бери сурьма өндүрүшү сырьенун жоктугунан улам токтоп турат. Ошентсе да комбинат Кадамжай районунун бюджетине салыктан түшкөн акчалардын 30%ын камсыз кылат. Жабдууларды модернизациялоо зарыл, ал үчүн 11 млн. сомдой талап кылынат.

1941-жылы курулган Айдаркен шаарындагы сымап комбинаты мурунку Советтер Союзунун убагында сымаптын жалпы көлөмүнүн 70%га жакынын өндүрүп чыгарган. Кыргызстанда сымап кендеринин чоң корлору бар, жана алардын эң ириси болуп Хайдаркан саналат. 2004-жылы Испаниядагы

## Таласская область

Фасоль стала брендом Таласской области. Для производителей этой культуры 2013 год стал рекордным - фермеры собрали 84 тысяч тонн фасоли, выручка составила 4,8 миллиарда сомов. Экономическая выгода от выращивания фасоли ощутима, главное, что налажен рынок сбыта этой доходной бобовой культуры. Экспортировали продукцию в 21 страну, более 70 процентов - в Турцию.



Но агрономы предупреждают, что без внедрения севооборота в ближайшие годы неминуем спад производства. Это повлечет потерю интереса зарубежных стран к региону как к долгосрочному производителю продукции.

Фермеры остро нуждаются в недорогих, надежных и малогабаритных комбайнах для уборки фасоли. Сегодня они используют старые комбайны, самостоятельно переделав их под бобовые культуры. Новые комбайны, большие и дорогие, у фермеров нет возможности приобрести. Представителю немецкого завода по выпуску сельхозтехники CLAAS предложили поставлять сельхозтехнику в Кыргызстан.

В области несколько работающих молочных производств, самое крупное и успешное - завод «Талас Сут», который выпускает 18 видов молочной продукции, включая масло, сыр, мороженое. Предприятие снабжает продукцией не только жителей Таласской области, но и поставляет ее в Казахстан, Бишкек, южные регионы Кыргызстана и в Таджикистан.

Прекрасная природа Таласа в сочетании с качественным сервисом создает хорошие возможности для развития туристического бизнеса Например, туристический комплекс «Байбол» оказывает комплексные услуги, включая туристические маршруты, один из которых - на высокогорное озеро Сары-Челек. Подсобное хозяйство обеспечивает туристов свежими продуктами.

«Альмаден» шахтасы жабылгандан кийин, Кыргызстан дүйнө жүзү боюнча дээрлик жалгыз Кытайдан кийинки биринчи сымаптын ири өндүрүүчүсүнөн болуп калды.

## Талас облусу

Төө буурчак Талас облусунун бренди болуп калды. Бул өсүмдүктү өстүрүүчүлөр үчүн 2013-жылы рекорддук болду – фермерлер 84 миң тонна төө буурчак чогултуп алышты, андан түшкөн акча 4,8миллиард сомду түздү. Төө буурчакты өстүрүүнүн экономикалык жактан пайдасы сезилерлик, эң башкысы, мындай кирешелүү буурчак өсүмдүктөрүн сатуу рыногу жолго коюлган. Продукция 21 өлкөгө, анын 70 пайыздан ашыгы Түркияга экспорттолот.

Бирок агрономдор которуштуруп айдоо киргизилбесе жакынкы жылдардын аралыгында өндүрүштүн төмөндөшү сөзсүз боло турганын эскертишет. Бул продукциянын узак мөөнөттүү өндүрүүчүлөрү катары регионго болгон чет өлкөлөрдүн кызыгуусунун жоголушуна алып келет.

Фермерлер төө буурчакты жыйноо үчүн кымбат эмес, ишеничтүү жана габариттери анча чоң эмес комбайндарга өтө муктаж. Бүгүн алар өз алдынча буурчак өсүмдүктөрү үчүн ылайыктап жасап алышкан эски комбайндарды колдонушат. Чоң жана кымбат комбайндарды сатып алууга фермерлердин акчасы жок. CLAAS айыл чарба техникаларын жасап чыгаруучу немец заводунун өкүлүнө Кыргызстанга айыл чарба техникаларын алып келүү сунушталды.

Облуста иштеп жатышкан сүт азыктарын өндүрүүчүлөрдүн эң чоңу жана ийгиликтүү иштеп жатканы – «Талас Сүт» заводу, ал май, сыр, балмуздакты кошкондо сүт азыктарынын 18 түрүн чыгарат. Ишкана өзүнүн продукциясы менен Талас облусунун жашоочуларын гана камсыз кылбастан, Казакстанга, Бишкекке, Кыргызстандын түштүк региондоруна жана Тажикстанга жөнөтүп турат.

Таластын эң сонун табияты сапаттуу тейлөө менен айкалышканда туристтик бизнестин өнүгүшү үчүн жакшы шарттарды түзөт. Мисалы, «Байбол» туристтик комплекси туристтик маршруттарды кошкондо комплекстүү кызматтарды көрсөтөт, алардын бири – бийик тоолуу Сары-Челек көлүнө алып баруу. Көмөкчү чарба туристтерди жаңы продуктылар менен камсыз кылып турат.









# Район уникальных возможностей

Иссык-Кульский район располагает огромным инвестиционным потенциалом. Видеоролик, посвященный этой теме, был презентован представителями государственной администрации Иссык-Кульского района на Международном экономическом форуме «Иссык-Куль-2014», проходившем 18-19 августа в Чолпон-Ате.

Социально-экономическая ситуация района в последние годы характеризуется позитивными изменениями во всех сферах деятельности. Стратегия социально-экономического развития до 2017 года предусматривает основные направления развития района, включая агропромышленный комплекс, заготовительную деятельность, переработку сельскохозяйственной продукции и туризм.

Иссык-Кульский район характеризуется выгодным географическим положением и значительным потенциалом - природно-ресурсным, производственным, трудовым, инфраструктурным, а также историко-культурным наследием. В районе проживают около 85 тыс. человек, из них 89% - сельские жители.

Туризм - приоритетная отрасль развития экономики района, в котором действуют девять курортных комплексов, включающих более 150 курортно-оздоровительных учреждений, из них 11 принадлежат Казахстану и Узбекистану. Ежегодно около миллиона туристов из ближнего и дальнего зарубежья посещают озеро Иссык-Куль. Наличие термальных вод способствуют развитию лечебно-оздоровительного

# Уникалдуу мүмкүнчүлүктөрдүн району

Ысык-Көл району зор инвестициялык потенциалга ээ. Ушул темага арналган видеороликти, 18-19-августта Чолпон-Атада өткөн «Ысык-Көл -2014» Эл аралык экономикалык форумунда Ысык-Көл районунун мамлекеттик администрациясынын өкүлдөрү презентация кылышкан.

Акыркы жылдары райондун социалдык-экономикалык абалы ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрүндө позитивдүү өзгөрүүлөр менен мүнөздөлөт. 2017-жылга чейинки Социалдык-экономикалык өнүктүрүү стратегиясы агро өнөр жай комплексин, даярдоо ишмердүүлүгүн, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүнү жана туризмди кошкондо, районду өнүктүрүүнүн негизги багыттарын караштырат.

Ысык-Көл району ыңгайлуу географиялык абалы жана жаратылыштык-ресурстук, өндүрүштүк, эмгектик, инфраструктуралык маанилүү потенциалы, ошондой эле тарыхый-маданий мурастары менен мүнөздөлөт. Райондо 85 миңге жакын киши жашайт, анын 89%ы – айыл тургундары.

Туризм – райондун экономикасынын өнүгүшүнүн артыкчылыктуу тармагы, ал жерде 150дөн ашык курорттук–ден соолукту чыңдоочу мекемелерди камтыган тогуз курорттук комплекс иштейт, анын 11и Казакстан менен Өзбекстанга таандык. Жыл сайын жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөн Ысык-Көлгө миллионго жакын туристтер келишет. Термалдык суулардын



туризма. Экологическая обстановка здесь благоприятная, ведь Иссык-Куль является биосферной зоной.

Чолпон-Ата – административный центр области, численность населения около 85 тыс. человек, из них 89% - сельские жители.

Район обладает достаточно развитой транспортной сетью, что создает оптимальные условия перемещения туристов и сельскохозяйственных товаров. Чолпон-Ата имеет сообщение со всеми населенными пунктами республики. Путь из Бишкека до Чолпон-Аты на автомобиле составляет три часа, а из Алма-Аты – шесть часов.

Частичная эксплуатация, а в будущем завершение реконструкции международного аэропорта Тамчи позволит принимать самолеты большого класса и приведет к увеличению числа туристов.

Объем инвестиций крупных и средних предприятий, направленный на строительство и эксплуатацию туристических объектов, с 2007 года на сегодняшний день составляет более 100 млн. долл. без учета ранее построенных действующих пансионатов.

Благоприятные природно-климатические условия позволяют выращивать многие виды сельскохозяйственных культур, общая площадь сельскохозяйственных земель составляет 27 тыс. гектаров, из них 12 тыс. гектаров заняты пшеницей, 17 тыс. гектаров картофелем, остальные - овощами. В рамках пилотного проекта засеяно 87 гектаров фасоли.

Разработано и внесено предложение по транспортации земель для выращивания фруктов методом капельного орошения, очень популярного и перспективного. Иссык-Куль

болушу дарылоо-ден соолукту чыңдоо туризмин өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Экологиялык жагдай бул жерде жагымдуу, анткени Ысык-Көл биосфералык аймак болуп саналат.

Чолпон-Ата – райондун административдик борбору, калкынын саны 85 миңге жакын киши, анын 89%ы – айыл тургундары.

Район жетишерлик өнүккөн транспорттук тармакка ээ, ал туристтердин жер которуп жүрүшүнө жана айыл чарба товарларын ташыганга оптималдуу шарттарды түзөт. Чолпон-Атанын республиканын калк жашаган пункттарынын бардыгы менен байланыш жолдору бар. Бишкектен Чолпон-Атага чейинки жол автоунаа менен үч саатты, а Алма-Атадан бери алты саатты түзөт.

Тамчыдагы эл аралык аэропорттун жарым-жартылай ишке берилиши, а келечекте реконструкцияланып бүтүшү чоң класстагы учактарды кабыл алууга мүмкүндүк берет жана туристтердин санынын көбөйүшүнө алып келет.

Туристтик объектилерди курууга жана иштетүүгө багытталган ири жана орто ишканалардын инвестицияларынын көлөмү, 2007-жылдан тартып бүгүнкү күнгө карата мурда курулуп иштеп жаткан пансионаттарды эсепке албаганда 100 млн. ашык долларды түзөт.

Жагымдуу жаратылыштык-климаттык шарттары айыл чарба өсүмдүктөрүнүн көп түрлөрүн өстүрүүгө мүмкүндүк берет, айыл чарба жерлеринин жалпы аянты 27 миң гектарды түзөт, анын ичинен 12 миң гектарына буудай, 17 миң гектарына картөшкө, калганына жашылчалар эгилет. Сынамык долбоордун алкагында 87 гектар жерге төө буурчак себилген.

Абдан белгилүү жана келечектүү болгон тамчылатып сугаруу ыкмасы менен жемиштерди өстүрүү үчүн жерлерди транпор-






Игры кочевников с каждым годом становятся популярнее в Кыргызстане.
Кыргызстанда көчмөндөр оюндары жыл өткөн сайын популярдуу болуп бара жатат.

